Түркияда 2016-жылы 16-июлга караган түнү аскерлердин катышуусунда ишке ашпай калган төңкөрүш аракетинин курмандыктары эскерилип жатат. Түркиянын бир канча шаарларындагы кагылышууларда 251 киши каза болуп, эки миңден ашык киши жаракат алган. Мына ушул окуяга байланыштуу 15-июль – Демократия жана улуттук биримдиктин күнү катары белгиленет.

МОСКВА – ТАМЧЫ – МОСКВА КАТТАМЫ АЧЫЛДЫ



Кечээ, 15-июлда «Ысык-Көл» эл аралык аэропорту Россиянын «Аэрофлот» авиакомпаниясынын Москва –Тамчы–Москва жаңы каттамын тосуп алды. Москвадан Лихачев атындагы «Airbus A320» учагы менен 79 жүргүнчү учуп келди. Каттам жумасына үч ирет – дүйшөмбү, бейшемби жана ишемби күндөрү аткарылып турмакчы.

ИШ КҮН ИШЕМБИГЕ ЖЫЛДЫ

19-июлдагы жумушчу күн 24-июлдагы эс алуу күнүнө которулду. Тийиштүү чечимге Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов кол койду. Мындай чечим дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрүн саранжалдуу пайдалануу максатында кабыл алынды. Кыргыз Республикасында 20-июлда Курман айт белгиленет. Жарандарыбыз 17-июлдан 20-июлга чейин эс алышат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG | Жума, 2021-жылдын 16-июлу | №80 (3259)

ТОКИО ОЛИМПИАДАСЫНА 17 СПОРТЧУБУЗ БАРАТ

2-БЕТТЕ

“КАРА ИЮЛЬ” КАЙТАЛАНБАСЫН

Азербайжан Кыргыз Республикасына гуманитардык жардам иретинде 40 миң доза AstraZeneca вакцинасын бөлүүнү пландап жатат. Учурда вакцинаны Бишкекке жеткирүү боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жаткандыгын КР Тышкы иштер министрлиги билдирди. 11-июлдан тарта республикабызда Кытайдын Sinopharm вакцинасы менен массалык эмдөө жүргүзүлүп жатат.

ЧҮЙДӨ СУУ САКТАГЫЧ ЖАНА КАНАЛДАР КУРУЛАТ

2-БЕТТЕ

ТООЛУУ АЙМАКТАРДА СЕЛ ЖҮРҮШҮ МҮМКҮН

15-19-июлда республиканын тоолуу жана тоо этектериндеги аймактарында аба ырайы өзгөрүп, нөшөрлөп жаан жаайт. Сел жүрүшү мүмкүн.

КӨК БӨРҮ ЖӨНҮНДӨ ДАРЕКТҮҮ ТАСМА ТАРТЫЛАТ

"Көк бөрү" федерациясы 14-июлдан тарта даректүү тасма тартууга киришти. Тасманын негизги максаты – көк бөрү оюнунун тарыхын сактоо, даңазалоо жана дүйнөлүк аренада жайылтуу.

Окурмандардын эсине!

Гезиттин кийинки саны 23-июлда жарык көрөт.

МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН КОЛДОО КӨРСӨТҮЛӨТ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 13-июлда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Жалал-Абад шаарынын Аксы районундагы селдин кесепетин тез арада жоюу боюнча бардык зарыл чараларды көрүүнү тапшырды жана табигый кырсыктан улам жабыркаган элге тийиштүү жардам көрсөтүү милдетин койду.

Мамлекет башчысы Жалал-Абад облусунун Аксы районунда жүргөн селдин кесепетинен улам каза болгондордун жана жабыркагандардын үй-бүлөлөрүнө көңүл айтты.

Садыр Жапаров бүтүндөй өлкө жаратылыш кырсыгынан улам жакындарын жоготкон кыргызстандыктардын оор кайгысын тең бөлүшүп жаткандыгын баса белгилеп, бардык жабыркагандар тезирээк сакайып кетет деп үмүттөнөөрүн билдирди.

Кырсыктан жабыр тарткандардын бардыгына мамлекет тарабынан колдон келген колдоо көрсөтүлөөрү белгиленди.

ЭМДӨӨДӨН ӨТҮШТҮ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кызматкерлери коронавирус инфекциясына каршы вакцина алуу өнөктүгүнүн алкагында эмдөөдөн өтүшүүдө.

Анткени, буга чейин Президент Садыр Жапаров Президенттин Администрациясынын, Министрлер Кабинетинин, министрликтер менен ведомстволордун, Министрлер Кабинетинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнүн, райондук мамлекеттик администрациялардын жана айыл өкмөттөрүнүн жетекчилерине өз кызматкерлерин эмдөөдөн өткөрүүнү камсыз кылууну тапшырган болчу.

ТӨРАГА ДА КӨҢҮЛ АЙТТЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Талант Мамытов да Жалал-Абад облусунун Аксы районунда жүргөн селдин кесепетинен каза болгондордун жана жабыркагандардын жакындарына көңүл айтты.

Анда: “Селден улам каза болгондордун жакындарына жана жалпы кыргыз элине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана өзүмдүн атымдан терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөм. Ал эми кырсыктан жабыркагандардын тез арада сакайып кетүүсүн тилейм”, - деп айтылат.

ЫКЧАМ ЧАРАЛАР КӨРҮЛҮП, ЖАРДАМДАР БЕРИЛЕТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 13-июлда тийиштүү мамлекеттик органдарга Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы сел ташкынына байланыштуу өзгөчө кырдаалды жоюу боюнча ыкчам чараларды кабыл алууну тапшырды.

Ал белгилегендей, өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюуга көмөк көрсөтүү үчүн тийиштүү күч жана каражат тартылат. Кырсык орун алган аймакта тийиштүү санитардык-эпидемиологиялык чаралар ишке ашырылат. Курман болгон жана жабыркаган жарандардын үй-бүлөсүнө мамлекет тараптан бардык зарыл жардамдар көрсөтүлөт.

Эске салсак, Жалал-Абад облусунун Аксы районунда өзгөчө кырдаалдын кесепетинен сел 8 жаранды алып кеткен, турак үйлөр да талкаланып, айрым жерлерде унаа жолу, көпүрөлөр жана башка курулуштарга зыян келтирилген.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Баткен облусунун Баткен районундагы жана Нарын облусунун Жумгал районундагы сел кырсыгына байланыштуу өзгөчө кырдаалдарды жоюу боюнча чараларды кабыл алуу зарылдыгын да кошумчалады.

БАНК ИШИНДЕ ЖЫЛЫШТАР БАР

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 13-июлда «РСК Банк» ачык акционердик коомунун башкармалыгынын төрагасы Азизбек Оморкулов менен жолугушту.

Азизбек Оморкулов «РСК банк» ААК учурда эт-сүт продукциясын, форелди кластердик өнүктүрүү, COVID-19га каршы дары-дармек жана жеке коргонуу каражаттарын өндүрүүнү колдоого алуу, кичи жана орто бизнес, өлкөнүн агрардык секторун өнүктүрүү үчүн кредиттер сыяктуу бир нече багыттар боюнча иш алып барып жаткандыгын айтып берди.

Министрлер Кабинетинин башчысы финансы-кредиттик институттар айыл чарба тармагындагы долбоорлорго өзгөчө көңүл буруу менен бирге калктын ишкердик субъекттерди колдоо, банк тутумун санариптештирүү маселелерин өнүктүрүү жаатындагы программаларга жана банктардын аймактардагы онлайн кызматтарына жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгын белгиледи.

КРЕДИТТЕРДИН КАЙТАРЫМДАРЫ КАНДАЙ?

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 15-июлда «Айыл банк» ачык акционердик коомунун башкармалыгынын төрагасы Улан Букабаевди кабыл алып, анда банк секторундагы абал, айыл чарба кредиттерин берүүнү өнүктүрүү жана 2022-2023-жылдардагы банктын артыкчылыктуу пландары талкууланды.

Жыл сайын мамлекет тараптан «Айыл чарбасын каржылоо» долбоорун колдоо үчүн республикалык бюджеттен каржы булактары каралганы менен ал кредиттик каражаттар ар дайым эле максаттуу жумшала бербей жаткандыгына токтолуп, «Айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө 9 жылдан бери насыялар берилип келет. Бирок, агрардык сектордун өнүгүү динамикасы төмөнкү деңгээлде калууда. Кредиттерди берүү механизмдерин кайрадан карап чыгуу зарыл», - деп белгиледи Министрлер Кабинетинин Төрагасы.

ЖЕЛЕГИБИЗ ОЛИМПИАДАДА КӨТӨРҮЛӨТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 13-июлда «Ала-Арча» Мамлекеттик резиденциясында Кыргыз Республикасынын Олимпиадалык курама командасын кабыл алды.

«Биздин команданын Токиодогу Олимпиада оюндарына катышуусу өлкө үчүн сыймыктануу сезимин ойготуп, жаштарды патриоттуулукка тарбиялоонун бекем негизи болуп бере алат. Бүткүл өлкө республикабыздын гимнин угууга үмүттөнүп, сиздерге жан-дили менен күйөрмандык кылат», - деген Улукбек Марипов Кыргыз Республикасынын желегин Олимпиадалык курама команданын капитаны Атабек Азисбековго тапшырды.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Кыргыз Республикасынын курама командасынын спортчулары үчүн байге фондусу түзүлгөндүгүн да кошумчалады. Атап айтканда, Токиодогу Олимпиадада жеңишке жеткен курама команданын спортчуларына – 10 млн сомдон, күмүш медаль үчүн – 7 млн сом, коло медаль үчүн 5 млн сом каралган.

СУУ МАСЕЛЕСИ ЧЕЧИЛЕТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Айбек Жунушалиев 15-июлда курулушу пландаштырылып жаткан Бурулдай суу сактагычынын жайгашуу орду жана Чүй облусундагы Чоң Чүй каналынын бүткөрүлө элек магистралдык каналдары менен таанышып чыкты.

Көчмө жыйындын жүрүшүндө Бурулдай суу сактагычын, айланма экинчи Чүй каналын куруу жана Чыгыш Чоң Чүй каналынын өзөнүн кеңейтүү маселеси каралды.

Кеңешменин жыйынтыгы боюнча тезинен аткарылууга тийиш болгон ачык-айкын тапшырмалар берилди.

ӨЗ АРА ПАЙДАЛУУ КЫЗМАТТАШУУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 14-июлда өлкөгө өз ара кызыкчылыкты жараткан келечектүү багыттарда мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жана инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү иликтөө үчүн Корея Республикасынан келген бизнес-делегация өкүлдөрү менен жолугушуу өткөрдү.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Корея Республикасы Кыргыз Республикасынын Азия-Тынч Океан аймагындагы негизги өнөктөштөрүнүн бири болуп саналаарын жана делегация өкүлү Пак Хё Риндин Бишкек шаарындагы «Манас» эл аралык аэропортунда ыкчам режимде ПЦР-тестирлөөнү өткөрүү үчүн заманбап лабораторияны ачуудагы өзгөчө ролун белгиледи.

Өз кезегинде кореялык компаниялардын өкүлдөрү санариптештирүү, медицина, билим берүү, туризм жана спорт жаатындагы долбоорлорду ишке ашырууда өз ара пайдалуу эки тараптуу кызматташууну кеңейтүүгө даяр экендигин белгилешти.

Даярдаган
Таалайбек ТЕМИРОВ

■ Эл үнү

Өскөн ОСМОНОВ – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор:

“ӨЗҮН СЫЙЛАГАН - ЗОР БОЛООР...”

Өлкөбүздө бийлик алмашкандан бери бир кыйла убакыт өтүп, кандай иштер аткарылып жаткандыгына баа бере турган учур дагы келип калды десек болот. Анткени, ар бир бийлик алмашкан сайын эл да “булар кандай жол менен кетип, эмне деген өзгөрүүлөрдү жасоого барышаар экен” деп күтүп калат эмеспи. Не дегенде, жаңыдан бийликтин эки тизгин, бир чылбырын кармашкандар дароо эле көп өзгөртүүлөрдү жасай тургандыгына байма-бай убадаларды берип, бирок бара-бара ал айткандарынын өтөөсүнө чыга албай, эски нуктун агымы менен кете беришкендиктен элде ошолордун ишке ашырылаарына күмөн саноолор болуп келген. Бул жолу да ошол көйгөй кайталанабы деп күтүп калышкан. Анын үстүнө, экономикабыз да өтө чоң кризистин капшабына кабылып, элдин турмушун оңдогонго, социалдык-экономикалык абалыбызды жакшыртууга жакшы эле мүмкүнчүлүктөр болуп келгендигине карабастан мурдагы бийликтегилер аларды пайдалануу эч бир кызыкдар болушпаган. Атап айтканда, биздин эң негизги байлыгыбыз болгон тоо-кен өндүрүшүбүздүн мүмкүнчүлүктөрүн өлкөнүн, элдин кызыкчылыгына буруу жаатында кыймылдап да коюшпаган. Алсак, “Кумтөр” маселесин убагында туура чечип койгондо саясий-экономикалык көп маселелер оңунан чечилип калмак. Ошондуктан, мурдагы бийликтегилердин бул багыттагы катачылыктарын кайталабоо максатында Президент Садыр Жапаров башында турган жаңы бийлик чыныгы айкындуулук саясатын колго алуу менен “Кумтөрдүн” элге кызмат кылуусуна жетишүү үчүн батыл аракеттерди жасоого өттү. Бул боюнча Акылбек Жапаров жетектеген Мамлекеттик комиссия жакшы иштеди, өткөн бийликтердин буга байланышкан одоно кемчиликтеринин баарын чукуп чыкты. Натыйжада, бийликтегилер алар менен жең ичинен соодалашып, бөлүп-жешип, андан түшчү пайданын баары өлкө бюджетине түшпөй, бүткүл байлыгын “Камеко” компаниясы сыртка ташып кетип жаткандыгы, ал тургай эл кызыкчылыгын коргойт деген депутаттарыбыздын айрымдары алардан атайын стипендия дегендей сыйакыларды алып турушкандыктары белгилүү болду. Бардыгы тең көрсө да көрмөксөн, билсе да билмексен болушкан. Өз кезегинде Садыр Нургожоевич ушул маселени көтөрсө аны укканды ордуна кайра өзүн абакка камап койгондугу мурдагы бийликтин чоң кемчилиги, элибизге, мамлекетибизге кылган кастыгы болгондугу азыр ачык көрүнүп калды. Эми, ошол катачылыктардын бардыгын эске алган жаңы бийлик мурдагы бийликтегилердей болуп алар менен астыртан келишүүчүлүккө барбай, өз позициясында катуу туруп, “Кумтөргө” тышкы башкарууну киргизип, бул чоң кенибиздин бардык байлык-пайдаларын жалаң өзүбүздүн өлкөбүздүн кызыкчылыктарына бурууга жетише алгандыгы кубаттап-колдой турган, мааниси өтө зор олуттуу оң өзгөрүүлөрдүн биринен болуп калды десек туура болот.

Ошентип, коррупциянын өзөктөп кеткен тамырын жулууга багытталган ачык күрөш жүргүзүү саясаты да ушинтип өз жемишин берүүдө. Анын аркасында өз мезгилинде бийлигинен, кызматынан пайдалануу менен көп байлыктарды, мүлктөрдү өздөрүнө ыйгарып, мыйзамсыз баюу жолуна түшүп алышкан чоң кызматтагы жетекчилер да, ишкерлер да, башка кызмат адамдары да кармалып-камалып, күнөөлөрү далилденип, ашыкча жеп-ичкендеринин баарысын ордуна коюп жатышкандыктарына, демек, коррупцияга каршы чыныгы, реалдуу күрөш жүрүп жаткандыгына эл, коомчулук күбө болуп жатабыз. Бул багыттагы ушундай оң жылыштарды көрбөй да, баалабай да коюуга эч бир мүмкүн эмес. Эң негизгиси, бул башталган иштер орто жолдон токтоп калбай, ыраатуу жүргүзүлө берет деген ынанымдабыз.

Өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда да абдан чоң өзгөрүүлөрдүн алдында турабыз. Убагында жаңы Конституциянын долбоору боюнча Конституциялык кеңешме иштегендиги, ага илимпоздордун, коомчулуктун өкүлдөрүнүн кеңири тартылгандыгы, ошонун негизинде иштиктүү талкуулар жүрүп, жыйынтыгында референдумда кабыл алынгандыгы колдоого алуучу ыраатуу кадамдардын биринен болуп калды. Мына эми ошол кабыл алынган Конституцияга ылайык Жогорку Кеңештин депутаттары 120дан 90го чейин азайтылып, эки түрдүү жол менен шайлоо тартибинин киргизилиши депутаттык корпусту бир топ жаңылайт деген үмүттү жаратып олтурат.

Кийинки мезгилде коомубузда региондорго, өзгөчө түндүктүштүккө, атүгүл облус облуска бөлүнүү күчөп бара жаткан эле. Андай бөлүнүүнүн терс жактарын мен өзүм да башымдан өткөрдүм. Ысык-Көл мамлекеттик университетине ректор болуп барганымда “Чүйдөн келген адам экен, эмне көлдө илимдин докторлору жок калган бекен?” деп нааразы болгондорго да күбө болдум. Мына ушул регионго бөлүнүүнүн өтө эле күчөп кеткени да менин ал кызматта кыска мөөнөттө иштеп калышымдын негизги себептеринен болуп калды. Ошондуктан, Садыр Нургожоевичтин аймак-аймакка бөлүнүүчүлүккө жол бербөөнүн бир жолу катары райакимдерди конкурстук тандоодон өткөрүү, Совет мезгилиндегидей тийиштүү кадрларды, жетекчилерди орун которуштуруу, бир аймактан башка аймакка жөнөтүү – ротация кылуу саясатын колго ала баштагандыгын туура деп эсептеймин. Бул кадам иштин илгерилешине, аймактарда жашаган элдердин ынтымагына, экономиканын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, жакшы натыйжа берет деген ойдомун.

Дагы бир баса белгилей кетүүчү жагдайлардын бирине токтолбой кетүүгө болбойт. Жаңы бийлик келгенде эл арасында “Бул бийликти эл аралык коомчулук, айрыкча өнүккөн өлкөлөр тааныбайт” деген пикир да жашап тургандыгын жашыра албайбыз. Бирок, жаңы бийликтин жасап жаткан жакшы иштерине жана кадамдарына туура баа берип-таанып жаткандыгына Президент Садыр Жапаровдун кыска убакыттын ичинде эле союздашыбыз Россия Федерациясына, коңшу өлкөлөрдөн болгон Казакстанга, Өзбекстанга, Түркмөнстанга, Тажикстанга, ошондой эле Түркияга расмий сапарлар менен барып келгендиги ачык күбөлөп турат. Бул мамлекеттердин жетекчилери жаңы Президентибизди жылуу кабыл алышып, мурдатан келе жаткан достук, кызматташтык мамилелерди андан ары дагы жогорку деңгээлде тереңдетип өнүктүрө турган жаңы келишимдерге кол коюшту. Эми Кытай Эл Республикасына барууга даярдыктар көрүлүп жатат. Мына ушунун өзү эле эл аралык деңгээлде да өлкөбүздүн кадыр-баркы көтөрүлүп бара жаткандыгын, демек тышкы саясатыбыз да туура жолго, жакшы нукка түшкөндүгүн айгинелеп турат.

> **Өлкө турмушунда болуп жаткан оң өзгөрүүлөрдү да өз убагында айтып турганыбыз алга карай жылуубузга, ар тараптан өнүгүүбүзгө түрткү берет**

Айтор, өлкө турмушунда болуп жаткан оң өзгөрүүлөрдү да өз убагында айтып турганыбыз алга карай жылуубузга, ар тараптан өнүгүүбүзгө түрткү берет. “Өзүн сыйлаган зор болоор, өзгөнү сыйлаган кор болоор” деген накыл кептин чындыгы да дал ушунда турат эмеспи.

Бетти даярдаган
Таалайбек ТЕМИРОВ

Шамшыбек МЕДЕТБЕКОВ, Орто Азиядагы санариптүү биржанын Директорлор кеңешинин төрагасы:

"КЕП – УБАДА БЕРҮҮДӨ ЭМЕС, АНЫ АТКАРУУДА"

Өлкөбүздө болуп жаткан жакшы жышаандуу өзгөрүүлөрдүн бири катарында Конституциялык реформанын жүргүзүлүшүн айта кетсек болот. Эскиче башкаруудан баш тартуу менен Өкмөттүн да, бардык бийлик тутумдарынын да жоопкерчиликтерин көтөрүүгө өзгөчө басым жасалып жаткандыгы баарыбызды кубандырууда. Анткени, мурда кемчиликкатачылыктардын баарына жалгыз гана Өкмөт жоопкерчиликтүү болуп, жыл айландырбай эле отставкага кетире берүү адатка айланып калган эле. Иштин жыйынтыгына эч ким жооп берчү эмес. Эми, Конституцияга ылайык Президент Өкмөттүн башчысы болуп саналат. Андыктан, өлкөнүн саясий, экономикалык, социалдык, маданий, ж.б. абалына жеке жоопкерчиликтүү болот. Ошол себептүү, Президент ийгиликжетишкендиктерге да, кетирилген кемчиликтерге да өзүм жооп берем деп жатканы колдоого ала турган жакшы кадамдардын бири деп эсептейбиз. Демек, мындан ары баарын Өкмөткө шылтап коюуга болбойт. Эл да ушуну туура көрүп, мамлекет башчысынын бул кадамдарынын ишке ашышына кызыкдар болуп жатат.

Бул кадамдарды жүзөгө ашыруунун иш жүзүндөгү далилдеринин бири болуп “Кумтөр” алтын кенинин айланасындагы маселелерди оңунан чечүүнүн жолун тапкандыгын айтсак болот. Себеби, буга чейин бийлик алмашкан сайын эле “Кумтөр” маселеси көтөрүлүп, мамлекеттин, элдин кызыкчылыгында иштетилүүсүнө жетишебиз деген көп убадалар бериле берчү. Сөздөн нары практикалык ишке өтүүгө бири да батына алышпады. Ал эми Президент Садыр Жапаров айткан убада-сөзүндө бекем туруп, “Кумтөргө” сырттан башкарууну тайманбай, коркпой-үркпөй, “жашылбайларга”, алтын кунуна алданып кетпей, жең ичинен келишип кетүүчүлүккө барбай эле тез аранын ичинде мамлекеттин кызыкчылыгында иш алпаруусу үчүн чечкиндүү, батыл чечим чыгарып, анын бардык каржы булактарын өлкөбүздүн бюджетине бурууга жетише алды. Бул алтын кени биздин экономикабыздын флагманы, алдыга жылдыруучу стратегиялык маанилүү ишканалардын биринен болгондуктан Президенттин бул жасаган ишин элибиз эч качан унутпайт жана ыраазы болуп жатышат. Буюрса, андагы башкаруу эффективдүү жүргүзүлүп аягына дейре чыгарылса “Кумтөр” өлкөбүздүн бүт экономикасын көтөрөт, тышкы карыздарыбыздан кутулууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет деп ойлойбуз. Айтор, “Кумтөргө” тышкы башкаруу киргизилүү менен анын өзүбүзгө кайтарылышын эгемендүүлүккө жетишкенибизден берки баа жеткис эң чоң жеңиштерибиздин биринен болуп калгандыгын сөзсүз белгилеп кетишибиз керек.

Учурда “Кумтөргө” байланышкан коррупциялык иштер боюнча катуу чаралар көрүлүп, ага тиешеси барлардын бардыгы тең сиңирген эмгектерине, кызматтык абалдарына карабастан сот жоопкерчилигине тартылуунун алдында турушат. Биз кичинекей мамлекет болгондуктан ким эмне менен оокат кылып жаткандыгы күзгүдөй эле көрүнүп турат. Ошондуктан, буга чейин мыйзамсыз байып келгендер, эл байлыгына кол салып жеп-ичкендер да жоопкерчиликке тартылышып, күнөөлөрүн моюндарына алышып, тийиштүү өлчөмдөгү акчаларын төлөп берип жаткандыгын да туура деп эсептейбиз. Анткени, эл байлыгы кайра эле элге, бюджетке кайтарылышы керек деген саясатты да жамы журт колдоп жатат.

Өлкөбүздүн экономикасын көтөрүү үчүн тыштан инвесторлорду көбүрөөк тартышыбыз талап кылынат. Алардын ишенимдүүлүк менен келиши, каражаттарын экономиканын тиешелүү тармактарына салып, жаңы ишканаларды ачып иштетүүлөрү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп беришибиз керек. Себеби, алар өлкөгө келээрден мурда биринчи иретте ошол жерде сот бийлиги көз карандыбы же көз каранды эмеспи деген суроого жооп издешет. Сот көз карандысыз болсо алар тааныш издеп олтурбай эле дароо келишет, сунуштарын айтышат. Албетте, соттордун көз карандысыздыгына жетишүү да чет элдик инвесторлорду көбүрөөк тартуунун бирден-бир, эң негизги көрсөткүчтөрүнүн биринен болуп саналаарын эстен чыгарбашыбыз абзел. Ошондуктан, Президент Садыр Жапаровдун “сот тармагында реформа жүргүзөбүз, соттор көз карандысыз болот, мурункудай маселелерди чечүүдөгү “телефондон көрсөтмө берүү укугу” дегенге жол берилбейт, ошондой фактылар болуп калса мага чалгыла, айткыла” деген билдирүүлөрү баарыбызда ишеним отун жандырып жатат. Эгерде ушуга жетише алсак анда бул нагыз демократиялык жеңиштерибиздин дагы биринен болуп калат. Эл да сот реформасынын эртеңкі башталышын күтүп жаткан кези. Бул кадам экономикабыздын өнүгүп-өсүшүнө, инвестициялык климаттын жакшырышына, турмушубуздун жакшы жагына оошуна чоң түрткү берет.

Эгемендүүлүгүбүзгө – 30 жыл

Байма СУТЕНОВА:

“ЖАШООДОГУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТАГЫ ӨЗ ОРДУМДУ ТАПТЫМ, ЭЛГЕ ТААНЫЛДЫМ”

Өз кезегинде Кыргыз телевидениесинин жүзү катары жалпы журтубузга кеңири таанымал болуп келген Сутенова Байма Жапаровнаны кимдер гана билбейт. Журналисттик айдындагы көп кырдуу жана жемиштүү эмгеги жогору бааланып, 29 жашында Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер ардактуу наамын алууга татыктуу болгон. ”Даңк” орденин көкүрөккө тагынып, “Алтын калем” сыйлыгын алган. Бүгүнкү күндө Коомдук телерадио корпорациясынын Телепрограммалар дирекциясынын директору болуп кызмат өтөп келүүдө. Айтор, 30 жылга жакын убакыттан бери эгемендүүлүк менен кошо жарышып телевидениенин ысык-суугуна аралашып иштеп келе жаткан Байма Жапаровнанын ой-пикирин угуу биз үчүн да кызык болду.

–Айтыңызчы, эгемендүүлүк бизге эмне берди?

- Чындыгында, эгемендүүлүктүн өткөөл мезгили узакка созулуп кетти. Билинбей эле 30 жыл өттү. Бул жылдарда өнөр жайы да, айыл чарбасы да, айтор бардык тармактар талкаланган бир учуру болду. Ошолор сыяктуу телерадио да башынан көптөгөн кыйынчылыктарды өткөрдү. Бул жерде партиялык уюм аябай күчтүү болуп тургандыктан коммунисттер менен демократтардын катуу тиреши болду. Эфирди талашуу жүрдү. Мамлекеттик телерадио берүүлөр боюнча мамлекеттик комитет телерадио компания болуп өзгөртүлүп түзүлдү. Сатыбалды Жээнбеков анын директору болду, ал мени «орун басар болосуң» деп алып кетти. Ошондо Сатыбалды Жээнбеков, Түгөлбай Казаков, Керим Орозалиев, Кален Сыдыкова жана мен өзүм бир команда болуп чогуу иштедик. Бул жерде бири-бирин кайталаган түзүмдөр көп эле, ошолорду кыскартуулар, бириктирүүлөр жүрдү. Айла жок ушул жолго бардык. Ансыз телерадиону демократиялык коомдун талаптарына шайкеш келтирүү мүмкүн эмес эле. Аябай көп жаштарды эч бир таанышы, аке-жукеси жок эле кызматка алдык, алар ишти алдыга жылдырып кетишти. А биз болсо орусча ойлонуп, кыргызча которуп сүйлөгөн муун болгондуктан кыргызча так, таза, шыр сүйлөгөн балдар, кыздарыбыз көп экендигине кубандык. “Мамлекеттик тил жөнүндөгү” мыйзамга ылайык телекөрсөтүүлөрдүн жана радио уктуруулардын 70%ы кыргыз тилинде болушуна жетиштик. Анткени, ал кезде көрсөтүүлөрдүн 75%ы орусча, 25%ы эле кыргызча болчу. Андан сырткары, көп тармактуу инженердик-техникалык кызматкерлердин улуттук кадрларын өстүрүп чыгардык. Мурда бул категориядагылардын арасынан бир-эки кыргыздын башы көрүнүп калса сүйүнүп кетчүбүз. Азыр болсо негизинен улуттук кадрлар эмгектенишет.

- Эгемендүүлүк жылдарында КТРКда кандай өзгөрүүлөр болду?

- Биз 6 каналдуу болуп өзгөрдүк, чоң теле үй-бүлөгө айландык. Буга ошол эле иштеп жаткан кишилерибиз, ошол эле базабыз менен жетиштик. Азыр материалдык база, айлык акы жагынан бир аз кыйналып жатабыз. Бирок, эгемендүүлүк жылдарыбыздын ичиндеги чоң утуштарыбыздын бири ушул болду десек болот. Эми, элибиз бир эле каналды карап олтурбай, саясаттан чарчаса “Маданиятты”, ыр уккусу келсе “Музыканы”, болбосо “Спортту” же үй-бүлөсү менен балдар каналы “ Баластанды” ж.б. көрүп, өзүнүн табитин канааттандыра алышат.

- 12 жыл КТРКнын радио жагын тейлеген орун басары болуп иштеген жылдарыңызда кандай өзгөртүүлөрдү жасаганга жетише алдыңыз?

- Ушул жылдар аралыгында элибизге пайдалуу иштерди аткарып калууга көп аракет жасадык. Биринчиден, радио берүүлөрдүн сапатын жана кызыктуулугун арттырууга умтулдук. Андан сырткары, күндөлүк жумуштарыбыз менен катар эле радионун алтын фондусунун электрондук каталогун түзүп, толук санарипке өткөрдүк. Техникалык базасын бекемдедик. Радионун теледен айырмаланган өзгөчөлүгү – элге жүзүң көрүнбөсө да өзүң тынбай сайрап жана жазып турушуң керек. Мына ушул өзгөчөлүгүн эске алуу менен радионун гонорарын – калем акысын көбөйтүүгө жетише алдык. Ушул убакка чейин телевидениенин кызматкерлери, анын ичинде мен дагы гонорарды алардан 2 эсе аз алабыз. Айлык, штаттык бирдик ж.б. боюнча бирдей болгону менен гонорарга келгенде алар көп алышат. Андан сырткары, биз жетекчиликтин жакшы салттарын орноттук. Ошол салт ушул убакытка чейин иштеп келе жатат.

Мен 12 жылдан кийин телевидениеге келсем, бул жак абдан ызы-чуулуу экен. Өзүм менен кошо радиодон келген бир нече киши менен бирге радиодогу тээ ата-бабадан бери келе жаткан салтты – улууга урмат, кичүүгө ызаат дегенди телевидениеге бекемдедик. Айттык-дедик, жакшы-жаман көрүндүк. Азыр эми бири-бири менен коридордо кадимкидей учурашып, улуулар улуудай, кичүүлөр кичүүдөй болуп өздөрүн таалим-тарбиялуу алып жүрүшөт. Себеби, сен канчалык мыкты журналист, азыркы технологияны укмуш өздөштүргөн адам болбогун, эгерде сенде адамгерчилик сапат, жалпы улуттук баалуулуктар болбосо аныңдын баары бир тыйынга да татыбай калат. Эгерде сен кабинетте тартипсиз болсоң ошол тартипсиздигиң эфирге да чыгат. Азыр деле КТРКда 1000ден ашык киши иштейт. Миңден ашык кишинин миңден ашык ой-пикири бар. Ошолорду бир мамлекеттик саясатка алып келип такаш, жалпы дөөлөттөрдү сиңириш өтө кыйын иш. Бирок, азыркы директорубузду шайлаганда жетекчилер да, Байкоочу кеңеш да коллективдин ой-пикири менен эсептешти. Бул дагы биз үчүн чоң жетишкендик болуп калды. Ушунча жыл иштеп жүргөнүмдөн бери мындай болгон эмес. Ак үй, Көк үй эмне деп айтса ошол жакты көздөй ооп турчубуз. Эми кадимкидей бир нукка түшүп калдык.

- Жумасына бир жолу берилүүчү “Демократия сабактары” теле долбоору жүрөгүмө, жандүйнөмө жакын деп айтканың бар. Аны даярдоо жеңилби же оорбу?

- Муну биринчи жолу радиодо иштеп жүргөнүмдө ачканбыз. Аны Бактыбек Нышанов алып барчу. Ал убакта демократиянын теориясын берчүбүз. Андан бери 20 жыл өттү. Бул жылдар аралыгында демократия бизге эмне берди? 1985-жылы “Игра в демократию” деген берүү даярдадым эле. Ошол эсиме келди. Анткени, демократиянын атын сатып, ошону менен ойногусу келгендер көп болду. Ал эми эгемендүүлүк жылдарында ички, сырткы күчтөр, эл аралык уюмдар да коомдук пикирге манипуляция жасоого өтүштү. Ошондуктан, 2011-жылдан тартып көрсөтүлө баштаган “Демократия сабактары” теледолбоору атына заты толук жооп берген кызыктуу берүүлөрдүн биринен болду. Биз адегенде өзүбүздөн эч бир сөз кошпой жалаң архивдик материалдарга кайрылдык. Бардыгы тең мурда чогулуш-жыйындарда ж.б. ишчараларда айтылган, сүйлөнгөн сөздөр менен коштолду. Кызыгы, мисалы, учурунда Аскар Акаевдин жанында жүрүп, ал камерага тартылып жатканда анын артында туруп көрүнүп калууга жанталашып аракет кылган адамдар болду. Мына мен президенттин жанында жүрөм деп тууган-туушкандарына, айылдаштарына, жердештерине, дос-жолдошторуна кадыр-барктуу көрүнүүгө аракеттеништи. Кийин ошол эле А.Акаевдин ары жагына туруп көрүнүп-түшүп калууга аракет кылган кишилер Бакиевдин учурунда да ошентишти. Анан Акаев да, Бакиев да жаман болуп турган учур келди. Ошондо алар кошо түшүп калган көрсөтүүнү көрсөтсөң катуу чычалашып, мени алып салбайт белең дей башташты. Эми ал ретуш жасап, алып, өчүрүп салгыдай сүрөт эмес да. Натыйжада, мурдагы-кийинки президенттердин, жогорку кызматтагылардын көбүнүн куйругун бастык. Мындай аракеттеринен майнап чыкпагандан кийин алар бул көрсөтүүнү жабыш керек дегенге чейин барышты, Жогорку Кеңештин трибунасынан да айтып чыгышты. Бул берүүнүн кайсы жери канааттандырбайт, эмне үчүн жабыш керек деп сурасаң айта алышпайт. Булар мурдагы бийликтегилердин баарын жамандап, кийинки келген бийликтин ичи-койнуна кирип кетейин дегендер болчу. А убакыттын өтүшү менен архивдик материалдар жууп-кетире алгыс, өчпөй турган күчкө ээ болуп калат экен. Анткени, коомубуздун басып өткөн жолу тарых болуп калат. Бирок, аны эске алышпай, Масалиевдин тушунда Усубалиевди, Бакиевдин тушунда Акаевди, кийин Бакиевди, Атамбаевди көрсөтпөгүлө, тигинин көзү, мунун буту көрүнбөсүн деп талап коюшту. А биз бул материалдар архив, тарых деп каршы болобуз. Ошондуктан, коом дагы тарыхты жөндөн-жөн эле чийип салганга мүмкүн эмес экендигин түшүнүүсүнө жетишүүбүз керек. Алсак, Исхак Раззаков кызматтан кеткенден кийинки ошол кездеги газеталарды барактасаң тим эле төбө чачың тик турат. Бирок, убакыт ак, караны өзү иргейт экен. Кийин ошол эле газеталар И.Раззаковду мактап-көкөлөтүп жазышты. Демек, коом да, элибиз да жакшыбы, жаманбы туура кабылдаганга көнүшүбүз керек. “Демократия сабактары” телеберүүсү өзүнүн ушундай демократиялуу көз караштагы берүүлөрү аркылуу коомчулуктун көзүн ачууга өз салымын кошуп келгендиктен интеллигенция чөйрөсү да жакшы кабыл алып, колдоп турду. Университеттердин социология, саясат таануу факультеттери көрүп, пайдаланышты. Бул боюнча бир нече дипломдук, магистрдик иштер жакталды. Тарых факультетинин мугалимдери “Сенин бул көрсөтүүндү лекция учурунда да студенттер менен бирге талкуулап жатабыз” , - деп айтып келип жатышты.

- Радиодогу “Алтын казына” фондусу сыяктуу теледе да ошондой фонд түзүүгө болобу?

- Эгемендүүлүк жылдарынан бери эле киновидео фондун түзүшүбүз керек деген маселени көтөрүп келе жатканбыз. Буюрса, мындай фонд түзүлүп, иштеп жатат. Бирок, ага миллиондогон сом каражат талап кылынат. Биз азырынча майда-бараттарын жасап жатабыз. Өкүнүчтүүсү, 1984-1985-жылдары мен өзүм даярдаган чоң көрсөтүүлөрүм архивде сакталбай калган. Алар бир көрсөтүлгөн бойдон жок болуп кетти. Өзүбүз ушул жерде иштеп жүрүп, ошону жасай албаганбыз. Бардыгы чоң каражатка келип такалат. Учурунда биздеги мыкты көрсөтүүлөрдүн баарын Москвага жөнөтчүбүз. Ал жакта укмуш архивдерибиз бар болгону менен алардын бирөөсүн да ала албайбыз. Аларды алыш үчүн чоң акча төлөш керек. Алар баарын санарипке өткөрүп алышкан. Эгемендүүлүк жылдарында болгону Чыңгыз Айтматов боюнча гана бир аз материал ала алдык. Мамлекеттер аралык келишимдин негизинде Улуу Ата Мекендик согуштагы кыргыздар тууралуу кинохроникаларды алууга жетиштик. Азыр биздин бетке кармаганыбыз эле “Советская Киргизия” кинохроникасы. Ошондуктан, биз Москваныкындай болбосо да ошонун чейрек деңгээлиндегидей киновидео архивин топтоп-жасашыбыз абзел. Өзүм директору болуп иштеп жаткан Телепрограммалар дирекциясынын ичинде киновидео архивди түзгөнгө колубуздан келишинче аракет кылуудабыз. Муну 2021-жылдын бюджетине киргиздик. Эми 2022-жылдын бюджетине да кирип жатат. Биз бул маселени Жогорку Кеңешке да койдук. Президент С.Жапаровго да айтып жатабыз. Өзүбүз да аракеттенип, “Кумтөр” компаниясы менен да сүйлөшүүлөр жүрүп жатат жана аларга өз сунушубузду бердик.

- Азыркы күндө маалымат айдыңында реформа жасоо менен өзгөрүүлөргө барышыбыз керек деген да сөздөр жүрүп жатпайбы...

- Ооба, өзгөрүүлөр болушу керек. Бирок, медиахолдинг кылабыз дегендерге эч бир түшүнбөйм. Ырас, Президент Садыр Жапаровдун кайрылуусунда телевидениени реформалоо тууралуу да айтылган. Учурда КТРК, коомдук уюмдар жана Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги 3 концепция даярдап жатышат. Мамлекет башчысы да мына ушул үч тараптуу концепцияны карап, талдап чыгып, бир тыянакка келет деген ойдобуз.

- Байкоочу кеңештин ишине кандай баа бересиз?

- Байкоочу кеңештин ишине карата ар кандай көз караштар айтылып келет. Чынында, эгемендүүлүктүн аркасында улуттук телерадио корпорациясынан коомдук каналга өткөндөн кийин анын ишине Байкоочу кеңеш көз салып тура турган болду. Анын биринчи жана экинчи курамында бизди башкаргысы, өздөрүнүн кадрларын орноштургусу жана ички таарынычтарынан улам өч алгысы келгендер да болгондугун жашыра албайбыз. Ошондой эле алар бизди тыйып-тескеп, Ак үй, Көк үйдүн ролун аткаргысы, текшерип-тескөөчү орган болгусу да келди. Ошон үчүн алар “чайкоочу кеңеш” деген атка да конушту. Мындай мамилеге чыдабаган коллектив кайра эле мурдагыдай улуттук телерадио корпорациясы болуп албайлыбы деп да чыгышты. Биз улуттуктан коомдукка өткөнүбүздө ар кимибиз айлыгыбыздан 1000 сомго чейин жоготконбуз. Ошентсе да, кайра артка кайтууну туура көрбөдүк. Бирок, Байкоочу кеңештин үчүнчү курамы келгенде биз бири-бирибизди түшүнүшүп калдык.

Кептин түзүн айтсак, бизге Байкоочу кеңеш керек экен. Бизде ар түрдүү маселелер болот. Аларды

биз Ак үйгө айтып, жазып, ал жакка жиберген каттарыбыз жоголуп кетип же аныбыз кайра башкача түр менен өзүбүзгө келип, айлампага айланып кетчү. А азыр болсо арыз-арманыбыз, шашылыш чече турган же менеджерлер менен талаш маселелерибиз болсо, өзүбүздүн имараттын 5-кабатында жайгашкан Байкоочу кеңешке чуркап бара калабыз, алар баарын дароо чечип берип турушат. Ошол эле учурда Байкоочу кеңеш биздин бардык кызыкчылыктарыбызды ар тараптан коргоп турушат. Негизи, демократиялык коомго багыт алган мамлекетте телевидение коомдук гана болушу керек. Болбосо, илгери "Асабанын" бир тапан баласы айткан "КТРдин көрсөтүүлөрүнүн баары Акаев менен башталып, аягы аба-ырайы менен бүтөт" дегендей кейипке түшүп калабыз. Чынында эле мурдагы көрсөтүүлөрдүн баары жалаң жетекчилерди мактоо менен башталып, жетекчилерди сүйлөтүү менен эле бүтчү эмес беле.

- Кандайча журналисттик кесипти тандап калдыңыз?

- Мектепте окуп жүргөн кезимде врач болгум келчү. Себеби, атактуу хирург Мамбет Мамакеев агабыз болот эмеспи. Чынын айтканда, мени менен окугандардын көпчүлүгү врач болушту. Бирок, математикадан бир аз өксүктүгүм бар болчу. Ошол себептүү математикасы жок окууну издедим. Уялбай эле математикадан экзамен тапшырбай турган кайсы факультет бар деп сурадым. Филфак дешти, анан ошого тапшырып өтүп кеттим. Бирок, бул тандоомо өкүнбөймүн. Андан кийин адабий чөйрөгө аралашып кеттим.

- Бир нече повесть, аңгеме жаздыңыз. Ондогон даректүү фильмдерди жараттыңыз...

- "Мамырылар гүлдөгөн жерде" деген повестимди мен 1978-жылы КМУнун филфагында 5-курста окуп жүргөнүмдө жаздым. Ал Нарын облусундагы "Эдельвейс" комсомолдук-жаштар бригадасына 1-курстан тартып бир нече жолу барып жүрүп, алардын жаштык дем-жашоосуна арналып жазылган чыгарма эле. Ошол жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жаштардын чыгармачылыгына кам көрүү тууралуу токтому чыккан. Аны аткаруу үчүн "Ала-Тоо" журналынын бир санын жалаң жаштардын чыгармаларына арнашкан. Ошол санга менин да повестим басылып чыкты. Окурман журту, адабий чөйрө жакшы кабыл алды. Кийин Аалы Токомбаевдин архивинен "Бул ким болду экен? Ушул повестти баш көтөрбөй бир дем менен окуп чыктым. Бул кызды таап таанышыш керек экен" деген жазуу калтырганын таап окуп, аябай ыраазы болдум. Кийин дагы повесть, аңгемелерим жарык көрдү, китеп болуп чыкты. Ошон үчүн Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзуна мүчө кылып кабыл алышты.

Совет мезгилинде эмгек жана эмгек адамдары даңкталчу эле. Канчалаган Социалисттик Эмгектин Баатырлары чыккан. Эгемендүүлүк жылдарында алардын баары көз жаздымында унутта кала беришти. Ушул кенемтени толтуруу үчүн даректүү фильмдерди даярдоону чечип, ондогон даректүү фильмдерди даярдадым. Менин бул эмгектерим көрүнүктүү кинорежиссёрлордун, кино тармагынын тажрыйбалуу мыкты адистеринин жакшы баасын алды. Ушул мени кубандырды, шык, түртүү берди. Андан сырткары мамлекеттик тапшырык менен да даректүү фильмдерди жасадык.

- Телерадиодо иштеп жүрүп эмне таптыңыз?

- Отуз жылга жакын Кыргыз телерадиосунда эмгектенип жүрүп аябай көп адамдар менен тааныштым, көп тажрыйба топтодум. Көптөгөн жакшы инсандар менен мамилелеш болдум. Жашоодогу, чыгармачылыктагы өз ордумду таптым, элге таанылдым.

- Эмне жоготтуңуз?

- Чыгарма жазбай калдым.

Маектешкен
Таалайбек ТЕМИРОВ

Миң жылга тете бир күн

ЭРКИНДИГИБИЗ – ЭҢ ЧОҢ БАЙЛЫГЫБЫЗ

Эгемен өлкө болгонубузга 30 жыл толот. Бул башка бардык учурга караганда төбөбүз көккө жете сүйүнө турган өзгөчө майрам. Бизге көз карандысыз мамлекет болуу бактысын тартуулаган күн. Миң жылга тете бир күн деген - так ушул күн. Ушул күндү утурлай айрым атка минерлерди сөзгө тартып, "Эгемендик бизге эмне берди?" деген суроого жоп алдык.

Айнуру АЛТЫБАЕВА, Жогорку Кеңештин депутаты:

- Эгемендүүлүгүбүздүн 30 жылдыгы – өзгөчө майрам. Эгемендүүлүккө жетишкенибиздин өзү чоң бакыт. Орто Азияда демократиялык өлкө деп эсептелебиз, бул бааны эл аралык уюмдар өздөрү беришкен. Демократиянын принциптери, сөз эркиндиги биздин чоң жетишкендигибиз. Экономикалык жактан артта калганыбыз бир аз ойлонтот, бирок пандемиядан улам көп өлкөлөр азыр кризисте турат. Кыргыз Республикасы демократиялык принциптерди, укуктук эркиндикти жетекчиликке алганы чоң жетишкендик деп айтаар элем. Парламентаризмдин өнүгүшү боюнча жаштарга лекция окуганда да өтө курч жаштарды көрөм. Алар балким башка коңшу өлкөлөрдө депутаттар менен теңата минтип эркин сүйлөй алышмак эмес. Бул өтө чоң жетишкендик. Биз көз каранды болууну каалабаган, эркиндикти сүйгөн элбиз. Мен көп жылдан бери байкаганым, биз өлкөнүн ичинде бири-бирибизди сындай беребиз, бирок чет өлкөгө чыкканда өлкөбүздү сүйүп, эч бир жаман сөз тийгизбегенге аракет кылабыз. Анткени, анын баасын башкалар менен салыштырып билебиз.

Рыскелди МОМБЕКОВ, Жогорку Кеңештин депутаты:

- Эгемендиктин баасын эгемендикке жетпей жүргөн мамлекеттер аркылуу билсек болот. Демократияны туу туткан эл, эркиндигибиз бар өлкө болгонубуз менен тилекке каршы, көп мүмкүнчүлүктөрдү пайдалана албай жатабыз. Эгемендиктин бекемдиги экономикалык негиздерге да таянат. 30 жылдын ичинде көп нерсеге жетиштик. Эркин шайлоо, сөз эркиндиги, адамдардын укугун коргоо жаатында көп иштер болду. Бирок, элибиз эркиндиктин баасын анча түшүнбөй жатат. Канча деген улуттар эгемендикти эңсеп жүрүшөт, биз болсо эгемендикти барктай албай жүрөбүз. Экономикалык жактан абдан өнүксө деле көз каранды болгон мамлекеттер абдан көп. Алар өз алдынча мыйзам чыгара алышпайт, чечим кабыл ала алышпайт. Бизде болсо бардык мүмкүнчүлүктөр турат, ушуга кудайга шүгүр келтиришибиз керек.

Нургүл БАКИРОВА, Жогорку Соттун төрайымы:

- 1991-жылдын 31-августунда союздун курамынан бөлүнүп чыгып, эгемендүүлүгүбүздү колго алдык. Эгемендүүлүк чоң түшүнүк - өз аймагы, символикалары, бүтүндүгү, тили, атрибуттары, эли бар өлкө. Эгемен өлкөнүн атынан башка мамлекеттерде сүйлөй аласың. Ушул 30 жылдын ичинде биз өтө чоң окуяларга туш болуп, кыйынчылыктарды да баштан өткөрдүк. Союздук республикалар менен байланыштар үзүлдү, жумушсуздук күчөдү. Саясатташуу абдан чыңалып, башка өлкөлөргө караганда алты жолу Президентти алмаштырдык. Бул тарых болуп калды. Өзүнүн оң жана терс жагы менен эгемендүүлүктү колго алып, азыр Кыргыз Республикасы суверендүү, светтик мамлекет катары эркин жашап жатат. Үч бийликтин бир бутагы болгон биздин сот системасында да абдан чоң өзгөрүүлөр болду. Эгемендикке ээ болгондон кийинки алгачкы Конституциябыз 1993-жылы 5-майда кабыл алынган. Андан бери ага көп өзгөрүүлөр кирип, ушул жылдын апрель айында жаңы редакциядагы Конституцияга ээ болдук. Бул Баш мыйзамга 5-майда кол коюлган, ага ылайык бир топ жаңы редакциядагы мыйзамдар кабыл алынып жатат. Сот бийлигинде да реформалар жүрүп жатат. Жашоо өзгөрүлүп, ааламдашуу орун алып, өнүгүп-өсүү болуп жатканда биздин өлкө дагы рыноктук-экономикалык абалга негизделип, өзгөрүүлөргө багыт алып баратат. Жакшы нерселерди кабыл алып, реформаларды токтотпой жүргүзө берүү керек. Эгемендүүлүктө жетишкенибиз – сөз эркиндиги, басма сөз эркиндиги жана адамдын укугун коргоо башка мамлекеттерге салыштырмалуу жакшы жолго салынган.

Шайлообек АТАЗОВ, Жогорку Кеңештин депутаты:

- Эң алгач, мамлекет катары калыптандык. Өз алдынча мамлекет болуу үчүн эмне керек болсо, бүгүн бизде ошонун баары бар. Сырткы жана ички саясатты аныктаган мыйзамдуу бийликке ээбиз. БУУ баш болгон бир топ эл аралык уюмдарга мүчөбүз. Мунун өзү эле эгемендүүлүгүбүздү жана өлкө катары калыптанганыбызды далилдейт. Менимче, 30 жыл аралыгындагы жетишкендиктерибизди айтсак, түгөнбөйт. Эң башкысы - тынчтык керек. Тынчтык орногон жерде сөзсүз өнүгүү болот.

Сымбат МАКСУТОВА

Жаңылыктар

АЯНТТА НАМАЗ ОКУЛБАЙТ

Курман айтка карата намаз бардык санитардык эрежелерди сактоо менен мечиттерде гана окулат. Коронавирустан улам өлкөдөгү абалга байланыштуу ушундай чечим кабыл алынганын муфтияттан кабарлашты.

"ТАЛИБАНДЫН" ТАЛАБЫ

"Талибан" радикалдуу кыймылынын өкүлү камактагы 7 миң адам бошотулса жана БУУ бул кыймылды "кара тизмеден" чыгарган шартта 3 айга чейин ок атуу токтотула турганын айткан. Бул тууралуу ооган бийлигинин атынан сүйлөшүүгө катышкан Надер Надериге шилтеме кылып, жергиликтүү 1TV News телеканалы билдирди.

Белгилей кетсек, БУУ 2001-жылы "Талибан" кыймылын террористтик уюм деп таануу боюнча резолюция кабыл алып, 100дөн ашык жогорку жана орто топтогу өкүлдөрүнө чектөө киргизилген.

СЕЛ - ГЕРМАНИЯДА ДА СЕЛ

Германиянын батышында суу каптоодон 6 адам каза болуп, 60 адам дайынсыз болууда. Бул туурасында бейшемби күнү Deutsche Welle кабарлады. Нөшөрлөп жааган жамгырдан улам 6 үй кыйрап, дагы бир канча курулуштар кыйроо алдында турат. Жардамга муктаждарга жетүү кыйын болуп, абадан сактоо операциялары пландаштырылууда. Бийлик өзгөчө кырдаал жарыялады.

Бул жума ичи коркунуч сакталып, дарыялар нугунан чыгышы мүмкүндүгү божомолдонууда.

КАРАНТИНСИЗ КОРОНАВИРУСТУ ЖЕҢЕБИЗ

Испаниянын Конституциялык соту коронавируска байланыштуу киргизилген үй карантинин мыйзамсыз деп тапты.

Пандемия жаңы башталган 2020-жылы Педро Санчестин Өкмөтү карантин жарыялап, өлкө жарандарына жүйөлүү себепсиз үйдөн чыгууга тыюу салган. Конституциялык соттун чечимине ылайык эми ошол кезде үй карантинин бузганы үчүн

салынган бардык айыптарды жокко чыгарууга мүмкүн.

Кошумчалай кетсек, кыргыз бийлиги коронавируска байланыштуу бул ирет карантин жарыяланбай тургандыгын билдирген.

ООГАН КЫРГЫЗДАРЫ

Талибдерден баш калкалап Тажикстанга кире качкан 347 оогандык кыргыздар Кыргыз Республикасына алынып келет. Бул туурасында КР Тышкы иштер министрлиги билдирди. Аталган министрлик Тажикстандын тышкы иштер министрлигине ооган кыргыздарын чек ара пунктуна чейин тоскоолдуксуз жетүүгө жардам көрсөтүү өтүнүчү жөнүндө нота менен кайрылды.

Бул маселе Президенттин жана Министрлер Кабинетинин көзөмөлүнө алынып, мамлекеттик органдарга тиешелүү тапшырмалар берилди.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич ЖАПАРОВго Лейлек районундагы Катраң айыл аймагында жашаган эмгек ардагерлеринин атынан

КАЙРЫЛУУ

Биз жашаган Катраң айыл аймагындагы Алмалуу тоосунда Апрельский алтын кени табылган. Ал кенде чалгындоо иштерин жүргүзүү үчүн "Апрельский AZI" ЖЧКсы лицензия алып, ачыктан-ачык мыйзамга каршы келген иштерди жүргүзүп келүүдө.

Аталган ишкана жергиликтүү эл менен макулдашпай туруп, чалгындоо иштерин шылтоолоп, ири өлчөмдөгү сырьёну ташып алып кеткен. Техникаларды жеткиребиз деген шылтоо менен экологияга орду толгус зыян келтирди.

Мындай мыйзамсыз ишке каршы чыгышкан жергиликтүү жарандык активисттерди жаманатты кылуу максатында аталган ЖЧКнын өкүлдөрү элди өз ара кайраштырып, ынтымакты бузууда.

Мындай мыйзамсыз иштер элдин ден соолугуна катуу зыян келтирип, айланачөйрө ырайымсыздык менен талкалануда.

Биздин тоолор 90 градус тик аскалуу болгондуктан, кенди иштетүүгө жумшалган коркунучтуу химикаттар түздөн-түз эл ичкен Козу-Баглан дарыясына куюлуп, тирүү жандын, өсүмдүктөрдүн баарына зыян келтирүүдө.

Козу-Баглан дарыясынан Катраң, Лейлек, Бешкент, Кулунду, Жаңы-Жер айыл аймактарынын жана Тажикстандын Чкаловск, Гафуров шаарларынын, көптөгөн айылдарынын эли суу ичишет.

Эгер кенди мыйзамсыз иштетүү улантылгыдай болсо, анда жогоруда аты аталган айыл аймактарында жашаган 70 миңден ашуун лейлектиктер туулган жерлерин кошуна тажиктерге таштап, башка жакка көчүп кетүүгө мажбур болот. Муну алдын ала сезген жергиликтүү калк чечкиндүү саясий акцияларга көтөрүлүүгө даяр. Бирок, урматтуу Президент, биз Сизге чоң ишенич менен кайрылып жатабыз.

Жогоруда аты аталган, лицензияны пара менен алган "Апрельский AZI" ЖЧКсы кайдагы 5-6 тонна алтын үчүн элди бейиштин суусун берген Козу-Баглан дарыясынан ажыратканы турат.

Урматтуу Садыр Нургожоевич!

Жогорудагы айтылгандардан улам, аталган ЖЧКнын мыйзамсыз лицензиясын жокко чыгарып, кенди биротоло жаап салсаңыз, элибиз үчүн кезектеги чоң жакшылыгыңызды кылган болор элеңиз.

Биз дайыма Сиз мененбиз. Чоң рахмат!

Жапар БӨРҮБАЕВ,
эмгек ардагери,
Катраң айыл аймагынын мурдагы башчысы.

АЗЫК-ТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫНА РЫНОКТУК БААЛАРДЫ ТУРУКТАШТЫРУУ МАКСАТЫНДА КОЛДОНУЛУУЧУ КОШУМЧА НАРККА НӨЛ (0) ПАЙЫЗ СТАВКАСЫ БОЮНЧА САЛЫК САЛЫНУУЧУ ТОВАРЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу, айыл чарба малдарын багуучу чарба жүргүзүүчү субъекттерге колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 29-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Салык алынуучу жеткирүүлөр жана салык алынуучу импорт боюнча кошумча наркка нөл (0) пайыз өлчөмүндө салык ставкасы 2021-жылдын 15-июлунан 31-декабрына чейин: тазаланбаган, майдаланган же майдаланбаган, жанчылган же жанчылбаган, прессталген же гранул түрүндөгү саман жана дан өсүмдүктөрү (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1213000000), брюква, жалбырактуу кызылча (мангольд), тоют тамыр өсүмдүктөрү, чөп, беде, кара беде, эспарцет, тоют капустасы, бөрү буурчак, жер буурчак жана ушул сыяктуу гранулдашкан же гранулдашпаган тоют азыктары (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1214), жүгөрү (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1005), арпа (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1003900000), сулу (ЕАЭБ ТЭИ ТН 1004900000) үчүн белгиленсин.

2. Ушул токтом расмий жарыялануга тийиш жана 2021-жылдын 15-июлунан тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-июлу, №70

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2018-ЖЫЛДЫН 22-ЯНВАРЫНДАГЫ №41 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТЫНЫН МАКЕТИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кесиптик башталгыч билим берүү программаларын түзүүдөгү бирдиктүү мамилени ишке ашыруу максатында, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, "Кесиптик башталгыч билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-январындагы №41 "Кыргыз Республикасынын Кесиптик башталгыч билим берүүсүнүн мамлекеттик стандартынын макетин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 13-июлу, №72

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 23-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №519 ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АВТОУНАА ТРАНСПОРТУ МЕНЕН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ ТАШУУЛАРДЫ УЮШТУРУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИНИН 36-ПУНКТУНУН ЭКИНЧИ АБЗАЦЫНЫН КОЛДОНУЛУШУН УБАКТЫЛУУ ТОКТОТО ТУРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Пандемия (COVID-19) мезгилинде автоташуучуларды жана станциялык курулмаларды колдоо максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 4-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 23-сентябрындагы №519 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелеринин 36-пунктунун экинчи абзацынын колдонулушу 2022-жылдын 1-январына чейин токтотулуп турсун.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 13-июлу, №74

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНА УБАКТЫЛУУ ТАРИФТИК ЖЕҢИЛДИКТИ КОЛДОНУУ МЕНЕН АК КАНТТЫ ЖАНА ИШТЕТИЛБЕГЕН КАМЫШ КАНТЫН ТАШЫП КЕЛҮҮНҮН КӨЛӨМҮН БӨЛҮШТҮРҮҮНҮН ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагына убактылуу тарифтик жеңилдикти колдонуу менен ак кантты жана иштетилбеген камыш кантын ташып келүүнүн жол-жоболорун тартипке келтирүү максатында, Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2021-жылдын 23-апрелиндеги №33 чечимине, Евразия экономикалык бирлигинин укугуна кирген айрым эл аралык келишимдерге, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын аймагына убактылуу тарифтик жеңилдикти колдонуу менен 40 миң тонна көлөмүндө ташып келинүүчү ак кантты жана иштетилбеген камыш кантын бөлүштүрүүнүн эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлиги 2021-жылдын 30-сентябрына чейинки мөөнөттө:

1) Кыргыз Республикасынын аймагына тарифтик жеңилдикти колдонуу менен ак кантты жана иштетилбеген камыш кантын ташып келүүгө үчүнчү өлкөлөр менен контракттары бар өндүрүүчү ишканалардын, жеткирип берүүчүлөрдүн жана ташып келүүнүн бөлүштүрүлгөн көлөмүнүн тизмесин министрликтин расмий сайтына жайгаштырсын;

2) Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматына төмөнкүлөрдү жиберсин:

- ташып келинүүчү ак кантты жана иштетилбеген камыш кантын максаттуу пайдалануу жөнүндө юридикалык жана жеке жактардын милдеттенмесин;
- тарифтик жеңилдикти колдонуу менен ак кантты жана иштетилбеген кантты ташып келүүнүн бөлүштүрүлгөн көлөмү жөнүндө корутундунун көчүрмөсүн.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 12-июлу, №71

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 12-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №89 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН СОТТУК ӨКҮЛЧҮЛҮК БОРБОРУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы №114 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 12-февралындагы №89 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Соттук өкүлчүлүк борборун түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) преамбуласындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен, "Жогорку сотунун Конституциялык палатасында" деген сөздөр "Конституциялык сотунда" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Соттук өкүлчүлүк борбору (мындан ары - Борбор) түзүлсүн.";

4) 2-пунктунда:

экинчи абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен, "Жогорку сотунун Конституциялык палатасында" деген сөздөр "Конституциялык сотунда" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

үчүнчү абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен, "Жогорку сотунун Конституциялык палатасында" деген сөздөр "Конституциялык сотунда" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төртүнчү абзацындагы "Жогорку сотунун Конституциялык палатасында" деген сөздөр "Конституциялык сотунда" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

жетинчи абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен, "Жогорку сотунун Конституциялык палатасында" деген сөздөр "Конституциялык сотунда" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

тогузунчу абзацындагы "Өкмөтүнө" деген сөз "Министрлер Кабинетине" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

онунчу абзацындагы "Өкмөтүнүн Аппараты" деген сөздөр "Президентинин Администрациясы" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Борбор жөнүндө жобо ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

6) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Борбордун мамлекеттик органдар менен өз ара байланышта иштешүүсүнүн регламенти ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

7) 8-пунктунда:

биринчи абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

экинчи абзацындагы "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийип күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 13-июлу, №73

Улуу инсанга – 120 жыл

КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ – СӨЗ ОЙЛОП ТАБУУЧУ ИЛИМПОЗ

Фольклор менен жазма адабияттын карым-катыш проблемасын изилдөөдө кыргыз элинин адабиятчы окумуштуулары эмгектенип келишүүдө, бирок, үзүрлүү адабият илиминин бул олуттуу маселеси бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпогондуктан, анын ички жана тышкы байланыштарынын диалектикасын тереңдетип изилдөө проблемасы келечекте артыкчылыктуу багыттардын бири болуп кала бермекчи.

Кыргыз эли советтик деп аталган жаңыча жашоо ыңгайына туш келген кезде анын илим, маданият жана адабият салааларын камтыган гуманитардык багытында активдүү иштеп, кыргыз тил илимине негиз салып, профессионал адабияттын алгачкы үлгүлөрүн жаратып, көркөм котормонун да “тамырын тартып”, өз мезгили үчүн дээрлик жаңычыл эмгектерди жараткан Касым Тыныстановдун феномени бүгүнкү күндө да бийиктен көрүнүп турат. Бул улуу инсандын чыгармачылыгы, өмүр-тагдыры тууралуу З.Бектенов, К.Асаналиев, К.Артыкбаев, С.Жигитов, А.Эркебаев, К.Даутов, О.Ибраимов, А.Акматалиев, М.Кошуева ж.б. адабиятчы, сынчы-окумуштуулар өз пикирлерин айтып келишкен.

Буга чейин К.Тыныстановдун чыгармачылыгына арналган 1991-жылы З.Бектенов менен А.Эркебаев түзгөн «Касым Тыныстан уулу», 2004-жылы О.Сооронов түзгөн «Капастан чыккан ырлар» китептери, 1991-жылы профессор К.Тыныстан уулунун 90 жылдык жана 2011-жылы 110 жылдык маараке сине арналган республикалык илимий-теориялык конференциясында жасалган баяндамалар, Курбанжан Пайзуллаеванын “Литературное наследие К.Тыныстанова” аталышындагы кандидаттык диссертациясы, Данил Тыныстановдун “Тыныстановы” даректүү баяны, Самсак Станалиевдин 2001-жылы чыккан «Чагылгандын көз жашы» романы, Абдумажит Мурзаевдин “Куугунтук”, Чабалдай Жаныбековдун “Касым Тыныстан уулу – маданий курулуш жолбашчысы”, Майниса Кошуеванын “Касым Тыныстановдун лингвистикалык мурастары”, ушул эмгектин авторунун «Касым Тыныстанов – кыргыз илиминдеги жылдыз» аттуу китептери, “Касым Тыныстановдун көркөм дүйнөсү” кандидаттык диссертациясы жана 1988-жылдан бери басма сөз беттеринде үзгүлтүксүз жарыяланып келаткан ал жөнүндөгү макалалар менен эскерүү-эсселерди атасак болот.

К.Тыныстанов «Манасты» орус тилине өзү которгондон башка да, аны жогорку деңгээлде бүткөрүү үчүн ошол учурда дүйнөгө таанымал, 16 тилде эркин сүйлөп, жазып, 20дай тилди түшүнгөн тилчи-окумуштуу, профессор Е.Д.Поливановду, белгилүү этнограф С.М.Абрамзонду чакырып, музей уюштурууну, чыгаан тарыхчы В.В.Бартольдду чакырып, кыргыз тарыхын жазып берүүсүн өтүнгөн. Этнограф-музыка таануучу А.В.Затаевичти чакырып, Кетмен-Төбөдөн Токтогулду, Жолойду, Чоң-Кеминден Мураталы Күрөңкеевди, Ысык-Көлдөн Кара Молдону алдырып, алардын комуз жана кыяк күүлөрүн жаздыртат. «Манас» эпосундагы «Манастын төрөлүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» бөлүмдөрүн орусчага которуу үчүн Л.Пенковский, М.Тарловский, С.Липкин, Ф.Ошкевич, Э.Беккер өндүү мыкты котормочуларды Кыргызстанга чакырып, эл-жер менен таныштырып, иштешине шарт түзүп, өзү да алар менен ийиндеш иштешип, «биз бардыгынан кечигип жатабыз, тезирээк элдин сабатсыздыгы жоюлуп, китептер чыгып, тарых жазылып, музейлер ачылып, «Манас» башка тилдерге которулушу керек»,- деп көп иштин алгачкы демилгечилеринен болгон. Касым Тыныстанов кыргыз тилинен сырткары араб, орус, казак, өзбек тилдеринде окуп, жаза билген, латын, уйгур, азербайжан, дунган тилдеринде эркин түшүнүп, окуган. Адабий тилдин лексикалык казынасына жүздөгөн жаңы сөздөрдү таап киргизген. К.Тыныстанов сөз жасоо маселесинде улуттук белгини алдыңкы планга койгон. “Дүйнө, обоз, отор, сеп, сап, обон, күү, чордон, томоо, дар, мүчө, чыт К.Тыныстановдун сөз жасоодогу жеке табылгалары болуп саналат”, - дейт ОшМУнун доценти, Тыныстанов изилдөөчү Майниса Кошуева. К.Тыныстанов XX кылымдын башында казак тилчиси Ахмет Байтурсуновдун лингвистикалык китептеринен таалим алган. Адабиятчы Салижан Жигитов К.Тыныстановдун акындык өнөрүн жана сөз жасоодогу чеберчилигин ачып берген мыкты макалаларды жазган. Анын биринде: “тилчибиз улуттук грамматиканын терминологиясын жана эрежелерин ойлоп чыгарууга келгенде чыгармачылык фантазиясы бай, сөз жасоо жагынан эпчил, тилдик туюму өткүр жан экенин көрсөткөн. Мисалы, айрым грамматикалык атамалар: ээ, баяндооч, аныктооч, үтүр, илеп белгиси, чекит, үнсүз тыбыш ж.б. этиш, сүйлөм, тыбыш, тамга, мүчө, ээ ж.б. атооч, жөндөмө, байламта, сырдык сөз ж.б. төл уңгуларыбыздын негизинде элдик сөз жасоо ыкмаларынын үлгүсүндө жасалма жол менен чыгарылган. Ал кыргыз жазма тилине үч-төрт эмес, бир короо жаңы сөз тартуулаган. Алардын баары эне тилине өзүнөн өзү жаралып калган төл сөздөрдөй кирип кетпедиби”, - деген С.Жигитов.

К.Тыныстанов тыным албай, көп иштеген эмгекчилдиги менен ар тараптуу коомдук ишмер, кыргыз тил илимине негиз салган залкар окумуштуу, акын, прозаик жана драматург катары кыска өмүрүндө ысымын тарыхтын көөнөрбөс барактарында алтын тамга менен калтырып кетти.

Алгачкы кыргыз жазма адабияты менен маданиятынын көч башында өзүнчө үнү, жүзү, орду бар ар тараптуу инсан болгондуктан, анын биздин күнгө кыргыз, казак, орус тилдеринде келип жеткен чыгармачылыгы кыргыз элинин руханий, маданий жактан өнүгүшүнө чоң таасир берип, соолубас булак катары кызмат өтөп келе жатат.

Өзүнүн талыкпаган эмгеги менен К.Тыныстанов адабий, маданий, илимий ишмердиктерин ошол замандын бийик сересине көтөрүп, 35 жашында кыргыздан чыккан биринчи профессор болгон. Анын чыгармачылыгы көп кырдуу багытта өнүгүп, жаңыдан көз жарып келаткан жазма адабиятка үлгү болорлук чыгармаларын жараткан. К.Тыныстанов адабий жана илимий эмгектерин жаратуу менен гана чектелбестен, өзү жазган пьесаларды сахнага койдурганга үлгүргөн. Өзү коомдук иштерге да активдүү аралашып, Кыргызстандын илиминин, маданиятынын пайдубалын түптөгөндөрдүн көч башында турган.

Ал 1926-жылы кыргыз элинде бир да журнал жок экенин эске алып, каражаттын жоктугун шылтоолоп отура бербей, өзү акча чогултуп, журнал чыгаруу тууралуу демилге көтөрүп, аны Төрөкул Айтматов колдоп, экөө “Эркин Тоо” газетасынын 1926-жыл, 7-апрель №113 санына атайын чакырык менен кайрылуу жасап, өз каражатынан 10 сомдон акча чогарышып, алардын артынан башкалар да акча чогултушуп, 1928-жылдын май айында “Жаңы маданият жолунда” деп аталган журналдын биринчи саны жарык көрөт. Жооптуу редактор К.Тыныстанов болуп, редколлегия мүчөлүгүнө Т.Жолдошев, Б.Исакеевдер кирет. Кийин ал “Эл агартуу” журналы болду.

К.Тыныстанов аз жашаса да көптү көрүп билген, көп иштерге эрте аралашып жетилген, сезимтал, таланттуу инсан болгон. Анын таланты оргуп-ташып, күчүнө толуп турган чакта, тилекке каршы, чыгармачылыгы өтө опурталдуу, татаал мезгилге туш келген. Кыйчалыш турмушта акын, жазуучу, драматург жана илимий ишмер К.Тыныстанов канчалык оор кыйынчылыктарга туш болуп турса да, чыгармачылыгы менен өз доорунун саясий, илимий, адабий, коомдук иштеринде, ар бир тармакта “майын чыгара” иштей билген.

Акын өзүнүн чыгармачылыгын 14-15 жашынан баштаса да 20-25 жашында негизги ырларын жазып, 36 жашка чейин ар түрдүү жанрдагы чыгармаларын жаратууга жетишкен. Ал өзү курдуу жолдошторунан айырмаланып көп окуган, көп изденген. К.Тыныстанов өз ырларында башка акындардай эле пейзаждык мыкты ырлары менен бирге моралдык-этикалык, социалдык-философиялык мазмундагы лирикасы менен окурмандарга кеңири таанылган. Өзүнө таасир эткен турмуштук көрүнүштөрдү катаал реализм принцибинде сүрөттөп бере алган.

1926-жылы Баку шаарында түрк тилдүү элдердин 1-съезди өтөт. 1926-жылдын 26-февралынан 5-мартына чейин өткөрүлгөн Түркология съездинде Касым Тыныстанов латын алфавитине өтүүнүн зарылдыгы тууралуу баяндап, түрк тилдүү элдердин маданияты, адабияты, илими карым-катышта бирдей өнүгүүсү үчүн чоң өбөлгө болооруна басым жасап, доклад окуйт. Баяндаманын тезиси менен өзбек, казак, азербайжан, татар эл агартуу ишмерлери таанышып, ага катышкан ири окумуштуулар В.Бартольд, С.Ольденбург, Б.Чобанзаде, К.Юдахин, А.Самойлович, Л.Щерба, С.Маловдор жактырышат. Бакудан келгенден кийин Касым Тыныстанов ал жөнүндө кенен макала жазып, “Эркин Тоо” гезитинин 1926-жылдын 8-апрелдеги санына жарыялайт.

Тилчи-окумуштуунун тил илимине арналган “Хрестоматия”, “Окуу китептери”, “Эне тилибиз”, “Тил сабагы”, “Жаңы айыл”, “Терминдер”, “Кыргыз тилинин морфологиясы” (5-6-жыл үчүн тил сабактары), “Кыргыз адабий тилинин орфографиясынын долбоору”, “Кыргыз тилинин синтаксиси” (6-7-8-жыл үчүн) окуу китептери 1924-жылдан 1936-жылга чейин мектеп окуучулары үчүн тынбай чыгып турган. Жетекчи кызматтарда 1925-жылдан баштап иштеген. Жашыраак кезинде журналист болуп гезит, журналдарда иштесе, кийин акын-жазуучу, драматург катары анын тарыхый драмалары, поэмалары жарык көрүп, сахналарда аткарылып турган. Котормо ишинде да ийгиликтерди жараткан. “Манас” эпосунун “Чоң казатын” орусчага которуп, ал томго өзү редактор болуп баш сөзүн жазат. Орус акындарынын бир топ ырларын кыргызчага которуп, “Өзгөрүш ырлары” деген котормо жыйнагын чыгарат.

1931-1932-жылдары “Академия кечелери” жана “Үч доор” тарыхый драмаларын жазып, алар сахнага коюлган. Кийин илимий иштерге баш-оту менен киришкен.

Кандай гана атабайлы, Касым Тыныстанов көп иштердин баарын кыска убакыттын ичинде чуркап жүрүп жасаган. Анын өмүрү 37 жаш менен гана токтойт. 1938-жылы 137 кишинин арасында атылып, сөөгү Ата-Бейиттен эгемендик келгенден кийин 1991-жылы табылган.

Сымбат МАКСУТОВА,
филология илимдеринин кандидаты

Эл акыны 85 жашта

Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА:

"МЫКТЫ АДАМГА ЖОЛУГУП, БИЙИК УЧТУМ..."

Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын, Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмунун алтын медалынын ээси, Кыргыз эл акыны Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА менен маек.

- Майрамкан эже, алгачкы сөздү сиздин балалык дооруңуздан баштасак...

- Мен тоонун арасындагы айылда туулганмын. Беш жашка чыккан чымда апам төрөттөн каза болуп, чоң атамдын колунда чоңойгомун. Үйүбүз тоонун койнунда болгону менен мектепке жакын эле, чоң атам "эл башы болгуча, суу башы бол",- деп көп айтчу. Анткени, айылыбызда "Бака булак", "Күмүш булак", "Алтын булак" аттуу үч булак бар болучу. Мени ээрчитип алып булактарга сыйынып келет эле.

Мен кичинекей кыз экениме карабай, согуш маалындагы элдин азап-тозогу менден кайып өткөн жок. Чоң атама ал учурда "Курманбек", "Жаныш-Байыш" кичи эпосторун көп окуп берчүмүн. Көзүнөн жаш кылгыртып унчукпай угуп отурар эле. Анткени, инилери, бир баласы армияда болучу. Мен мектептен келгенде карапага жарма даярдап, "жеңеңе алып бар", - деп энем бир нан жасап берчү. Тызылдап чуркап барамын. Талаада иштеп жаткан келиндердин күйөөлөрүнүн баары согушта, алардын ар бири үйлөрүнөн бир нерсе ала келишип, мен келгенде түшкү тамакка отурушат. Кичине эс алышып, кат келдиби деп бири-биринен сурашып, ыйлашып арман ырларын ырдашат. Алардын ырларынын баарын тез эле жаттап алчумун. Кечинде үйгө келгенимде мештин жанында отуруп алып сүйлөшөбүз. Чоң атам:

- Жеңелериң эмне жөнүндө айтышты, - дейт. Тигиниси тигиндей, мунусу мындай деди деп баарын айтып беремин. Бир жеңем аябай сыздап ырдачу. Кулагыма сиңип калыптыр:

Атаар бир атпас таң болсо,
Антташкан жарың бар болсо.
Атпаган таңдын эркиби,
Айтышсак аркы-беркини.

Сүрөөр бир сүрбөс таң болсо,
Сүйлөшкөн жарың бар болсо.
Сүрбөгөн таңдын эркиби,
Сүйлөшсөк аркы-беркини...

Сөздөрдүн сулуулугун, маданиятын карачы, мына азыркылар мен сага жолуксам, анан баса калып өпсөм деп жазышат. Мен жогорудагыдай ыр менен тарбияландым.

Мен Аалы, Алыкулдан үлгү алып, чоң атамдын жомоктору менен тарбияланып, өмүргө шерик эң жакшы адамды жолуктурдум. Сагын агаң (Сагын Наматбаев) жетим өскөн маданияттуу мыкты адам эле. Ошондой кишиге жолуккан менден халтурщик чыкмак беле?

Мен аралашып жүргөн чөйрөм да мыкты болду. Маселен, Валентин Распутин, Василий Белов, Василий Шукшин, Олжас Сулейменов, Фариза Оңгарсынова ж.б. "Эстелик сүйлөйт" поэмам үчүн Орто Азия өлкөлөрү ичинен Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгы мага гана ыйгарылгандыгын айта кетүүм абзел.

Жогоруда аталган акын-жазуучулар Бүткүл Союздук Ленин комсомолунун Борбордук Комитетинин мыкты активисттери болчубуз. Сыйлык алган чыгармаларыбыз бардык социалисттик өлкөлөрдүн тилдерине шарт эле которулган. "Эстелик сүйлөйт" поэмамды мен 22 жашымда жазып баштап, 24 жашымда бүттүм. 1964-жылы алгач "Ала-Тоо" журналына жарыяланды. 1965-жылы "Быйыл жаздын гүлдөрү көп" аттуу китебиме кирип, басмадан жарык көрдү. Андан кийин орус тилине которулду. 1969-жылы Бүткүл Союздук жаш жазуучулардын Москвада өтүүчү кеңешмесине чакыруу кагазын алдым. Анын алдында конкурска бирден китебибизди жөнөткөнбүз. Конкурска 300 жаш жазуучу, акындар катышыптырбыз. Кыргызстандан Жолдошбай Абдыкалыков экөөбүз барганбыз. Ошол 300 кишинин ичинен сегиз автордун чыгармалары жогору бааланды. Алар мен, Олжас Сулейменов, Мумин Каноат, Валентин Распутин ж.б. эле. М.Ю.Лермонтов боюнча докторлугун жактаган илимпоз бар эле, фамилиясын унутуп жатамын. Ошол киши: "ак ыр жазуу көбөйүп, форма кууп, баш аламандык болуп жатканда, Майрамкан Абылкасымова эски традицияны, эпостук манераны жоготпой, бирок ак ыр формасына салып, глобалдуу маселени, түбөлүктүү теманы - Ата Мекенди сүйүүнү жазган", - деп Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгына көрсөттү. Анан ал сыйлыкты 1976-жылы комсомолдун Бүткүл Союздук XVI съездинде тапшырды. Чындыгында көп сыйлыктарды алдым. Бирок, комсомол сыйлыгын алганда аябай бактылуу экенимди даана сезгенмин. Ошондо артымда түпкү аталарымдын духтары тургансыды.

- Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгына канча гонорар алдыңыз?

- Медаль, анан 25 миң сом.

- Ал акчаны кантип жок кылдыңыз?

- Котормочу Юрий Смышляевге бердим. Он беш республикадан келген досторумду сыйладым. Акчанын баарын ошол жакта чачып түгөттүм. Болот Миңжылкиев менен Кайыргүл Сартбаева чоң театрда стажировкада жүрүшкөн. Аларды жолдош-жоролору менен Москвадагы эң кымбат ресторандарда сыйладым. Бул жакка болорболбос эле акча келген.

Негизи мен өмүрүмдө таланттуу досторду күттүм. Маселен, Валентин Распутин: Майрамкан "Царица праздника" деп чакырчу. Тегерегимдин баары гений, адабияттын бийиктиги болуп жатса, өзүмдө да кичине данек бар экен, алардан калбашка аракеттендим. Эми ошолордун көбүнөн ажырап, мындай ыр жазгамын.

Кат жазгыла жан жолдоштор, досторум,
Тирүү кезде бактылууга окшоюн.
Өлүп калсам бардыгыңан ажырап,
Өмүр эмес, мен силерди жоктоюн.

Талаа, суудан же кетпеди сур булут,
Сыздайт сезим жолуккула, досторум.
Жакшы күндү жазып калдым ыр кылып,
Жакшы күндү жаштыгымдай жоктоюн.

Кат жазгыла мен капага батканда,
Күнүм, айым чыга түшсүн асманга.
Кат жазгыла мен өлүмдөн кор болуп,
Жер кучактап, жер кучактап жатканда.

Достукту мен бийик кармайм. Анткени, баары эле дос боло бербейт. Мустай Каримдин бир ыры бар. Ал Ата Мекендик согушка катышкан киши. Ырларын баалайм. Москвада жолукканда сырдашып да калчубуз. "Окууну бүтүп жатканымда бир классташ кызды бирге окуган көп жигиттер талашып, бирок, мен алып кеткемин. Ошондо досторумдун жарымынан ажырадым. Ата Мекендик согушка катышып, жарымынын жарымынан ажырадым. Лениндик сыйлыкты алганын, Баатыр болгонун эсепке албайт. Болгону жакшы ыр жазып коём деп бардыгынан ажырап доссуз калдым дейт. Анын сыңарындай мен дагы доссуз калдым. Эң мыктылары өлүп тынды. Мыкты эместер менен дос боло албаймын. Лермонтов айткандай "не кому руку подать" болуп турамын.

- Эже, көп өкүнбөңүз, сиз мыкты чыгармаларды жазып, жаш кезиңизде бардык сыйлыктарды алып, жакшылыктар жаздагы канаттуулардай эле учуп келип турган деп айтсак болот.

- Сагын байкең комсомолдо 15 жыл лидер болду. 24 жашында Ош обком комсомолунун биринчи катчысы болуп шайланган. Ал менин чыгармачылыгым үчүн талыбас канат болду. Жанагы "Эстелик сүйлөйт" поэмамды Мария деген татарка машинисткага берсем, "ыйлап эле тере албай атамын", - дейт. Көрсө, бир туугандарынын көбү согушта курман болушуптур.

Расул Гамзатовдун "Ыр менен жазылган романдын авторуна" деген ыры бар:

Романыңды окудум дос,
Адамдар көп катышкан.
Анык болду экөөбүз тең,
Кур калыппыз бакыттан.

Шумдуктуудай бир дал келүү,
Ойго батып отурам.
Сен бактысыз муну жазган,
Мен бактысыз окуган.

Азыр чыккан китеп көп. Ачсаң ушундай. Ырахаттана турган эки сап таппайсың. Бүгүнкү күндө чыгармачылыкта, илим боюнча диссертацияларды жактоодо Расул Гамзатов айткан бактысыздык көп. Булардын баарын жолго салуу чыныгы таланттардын гана колунда.

Карбалас БАКИРОВ

КР Президенти С.Н.ЖАПАРОВго, Жалпы коомчулукка

КАЙРЫЛУУ

Урматтуу окурмандар, Сиздерге ушундай кайрылуу менен чыгууну туура көрдүм. Кыргыз журтчулугунда жазуучу Чолпонбек Абыкеевдин чыгармаларын окубаган окурман жокко эсе болсо керек. Буга далил катары "Бриллиант жылан" романы 200 миңден ашык нуска менен чыкса, Ютубдагы укма тасмага жазылганын уккандардын саны бир жылга жетпеген убакта 300 миңден ашкан. Чолпонбек Абыкеевдин жазуучулук талантын жана эмгегин баалаган Улуттук жазуучулар союзу дээрлик жети жылдан бери жыл сайын Президентке Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу наамын берүүгө көрсөтүп келатат. Бирок, жазуучубуздун саясаттагы көз караштарын ачык чагылдырып, чындыкты айткандыгы үчүн ушул убакка чейин берилбей келди.

Учурунда Улуттук жазуучулар союзунун төрагасы болуп турганда "Мен өзүм төрага болуп туруп өзүмдү наамга көрсөткөнүм туура эмес болот",- деп макул болбой койгон. Эми да кыйчалыш кырдаал түзүлүп калды. Жакында Чолпонбек Абыкеев агайыбыз Президенттин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы болуп бекитилди. Мындайча айтканда мамлекеттик сыйлык наамдарды берүүгө түздөн-түз тиешеси бар кызмат. Улуттук жазуучулар союзу быйыл апрель айында агайыбызды Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу наамына көрсөткөнбүз. Биздин сунуш Маданият жана маалымат министрлигинен өтүп, Президенттин астындагы комиссияга түшүп, ал жакта да колдоо тапканын билебиз. Мунун баары агайыбыз мамлекеттик катчы кызматына бара электе болгон. Эми кандай болот?

Урматтуу Президентибиз Садыр Нургожоевич! Чолпонбек Абыкеев агайыбыз эгер калыстык болгондо мындан он – он беш жыл мурда эле Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу наамын алмак. Тилекке каршы, калыстык болбогондуктан бүгүнкү күнгө чейин кармалып, наам берилбей келди. Биз ушул кемчиликти калыс карап ондоп койсоңуз жалпы Кыргыз эли туура түшүнөт.

Урматтоо менен
Жылдыз АКАЕВА,
Улуттук жазуучулар союзунун катчысы, балдар жазуучусу,
Тоголок Молдо сыйлыгынын лауреаты

"Манас", "Семетей", "Сейтек" деген сөздөр колдонулбасын

Алкоголдук ичимдиктердин аталышына "Манас", "Семетей" жана "Сейтек" деген сөздөрдү колдонууга тыюу салууну коомчулук көп убакыттан бери социалдык тармактарда талап кылып келген. 2021-жылдын башында Жогорку Кеңештин 40 депутаты да "Манас" эпосу жөнүндө мыйзам долбоорун карап, эпоско байланыштуу баалуулуктарды сактоо, жайылтуу, изилдөө жана Манас деген ысымды коммерциялык жана башка максаттарда пайдалануу ишаракеттерин тескөөнү максат кылып чыгышкан. Мына ушул мыйзам долбооруна Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги алымча-кошумча киргизип, долбоор коомдук талкууга коюлду. Алымча-кошумча киргизүүдө алкоголь жана тамеки өндүрүмдөрүнүн аталышына "Манас", "Семетей" жана "Сейтек" деген сөздөрдү колдонууга тыюу салган норма жазылды.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Билим булагы

Адамды бактылуулукка тарбиялоо

МЕКТЕПТЕН БАШТАЛАТ

Бул жашоодо эң бир ыйык жана ардактуу кесиптердин ана башы болгон мугалимдик кесип. Ар бир күнүн билим берүүгө арнап, окуучулардын аруу таза дүйнөсүнө билимдин, адептүүлүктүн, ыймандын үрөнүн сээп, келечегине билим бактысын ыроологон, чыныгы мугалим. Мындай бийик атка арзыган кесипкөй адамдардын жаңы муунуменен улуу мууну эриш-аркак тажрыйба алмашып иштеп жатышкан Нарын райондук билим берүү бөлүмүнүн карамагындагы мектептердин, балдар бакчаларынын алгылыктуу иштери жана көйгөйлөрү туурасында Исакова Гүлбарчын Бейманжановна менен баарлаштык.

«Жакшыдан башчы койсоң элди түзөтөөр, жамандан башчы койсоң элди жүдөтөөр» дегендей, аталган билим берүү бөлүмүнүн башчысы Гүлбарчын Исакованын бараандуу эмгек жолу туурасында: анын жалпы эмгек наамасы 36 жыл, мунун ичинен мамлекеттик кызматта 13 жыл, ал эми билим берүү тармагында үзүрлүү иштеп келатканына 23 жылга аяк басты. Айтканга оңой болгону менен өткөн мезгилде, түмөн-түйшүктүү эмгек жолунда кыйла кыйынчылыктарды артка калтырып, кызылдай мээнети менен бардыгына чыдап, жаратмандыкта алдыңкы сапта келатат. Г.Исакова 1964-жылы Жумгал районунун “Кызыл-Туу” колхозу, азыркы Багышан айылында төрөлгөн. Орто мектепти 1981-жылы бүтүп, Кыргыз мамлекеттик университетинин механикалык-математика факультетине тапшырып, ал окуу жайды эң жакшы деген баалар менен 1986-жылы ийгиликтүү аяктайт. Фрунзедеги электрондук эсептөө заводунда алгачкы эмгек жолун инженер болуп иштеп баштайт. Бир жылдан кийин инженер-программист кызматына көтөрүлөт да бул заводдо үч жыл иштеп такшалат. 1989-жылы Жумгал райондук билим берүү бөлүмүнө кадрлар боюнча адистик кызматка которулуп келип, Чаек айылындагы Т.Турсунбаева атындагы орто мектепке билимин айкалыштырып иштеп, информатика сабагы боюнча мугалимдик кесибин 1999-жылга чейин улантат. 1999–2005-жылга чейин билим берүү бөлүмүндө башкы адис, райондук билим берүүнүн жетекчисинин жаштар саясаты боюнча орун басары болуп кызмат өтөйт. 2008-жылы Ногойбаев атындагы мектепке директор болот. 2012-жылы М.Алыбаев атындагы мектепке директор болуп которулат. 2015-жылдан баштап Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары кызматында иштейт. Айтмакчы, Жумгалдагы эки мектепте баш-аягы 7 жыл директор болуп иштеген мезгилде, ар бир жылда бирден долбоор өткөрүүгө жетишкен. Район боюнча интерактивдүү доска таңсык болуп табылбай турганда, алгачкылардан болуп алып келип жайылткан. АРИС аркылуу лингафондук кабинет ачууга жетишкен жана мектептин чатырын жаңыртып, мектептин ашканасына таза суу чыгартып, иштен чыккан жараксыз абалдагы канализацияны түп орду менен жаңыртып салдырат. МерсиКо уюмунун долбоору менен суу тарттырып киргизип, канализациясынын бардыгын калыбына келтирген. Спорт залдын жылуулук системасын түрткү берүүчү грантка долбоор жазып, 3 млн сомго капиталдык ремонттон өткөргөн. Нарын райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы кызматына 2021-жылы 9-апрелде конкурстун жыйынтыгы менен 19 талапкердин ичинен суурулуп чыгып, билими, мол тажрыйбасы менен алгылыктуу иш алып барууда.

Атасы Исаков Бейманжан да билимдүү, эл чарба жана билим берүү тармагында өнчөй жетекчилик кызматтарды аркалап, опол тоодой эмгек сиңирген кадырлуу инсан болгон. Ата Мекендик согуштун катышуучусу, 12 баланы өмүрлүк жубайы экөө татыктуу тарбиялап өстүрүп, камкор ата-эне, нуска кептүү нарктуу карыя, мыкты педагог-тарбиячы да болуп, элдин эсинде калган. Гүлбарчын айым ушундай мыкты үй-бүлөдө, жакшы чөйрөдө өсүп чоңойгондуктан, анын ой чабытынын кененди, сабырдуулугу жана эл менен тил табышып иштей билүүсү атасынан калган таберик.

- Гүлбарчын Бейманжановна, алгач жаңы кызмат ордуңузга киришкенден баштап кандай саамалыктарга жана көйгөйлөргө туш болдуңуз?

- Нарын районунда 34 мектеп, 34 балдар бакчасы иш алып барат жана мектептерде 1070 мугалим эмгектенсе, балдар бакчасында 150 тарбиячы иштейт. Мен жаңы иштеп баштагандан бери жалпы эмгек жамаатыбыздын аракети менен бир катар ийгиликтер жаралды. «Манас таануу» боюнча республикалык теле сынактын облустук турунда 1-2-3-4-орундардын бардыгын биздин райондогу мектептер багындырышты. Андан кийин республикалык телесынакка барып катышышып, 1-орунга Абиров атындагы орто мектептин окуучулары, 3-орунга Т.Усупеков атындагы мектептин окуучулары ээ болушту. Конкурстан тышкаркы турга катышкан окуучуларыбыздан Жер-Көчкү айылындагы Кыязов атындагы мектеп 1-орунга татыктуу болду. Быйылкы окуу жылдын жыйынтыгы менен «Алтын тамга» боюнча үч окуучубуз татыктуу болушса, ЖРТнын жыйынтыгы менен жалпы республика боюнча 110 баллга ээ болуп, босого баллдан өткөн окуучуларыбыз 57 пайызды түздү. Ал эми 200дөн жогору балл алган 5 окуучубуз алдыга озуп чыгышты.

- Жыл өткөн сайын билим берүүнүн сапаты солгундады, мугалимдердин аброю, билим деңгээлдери да баштагыдай болбой төмөндөдү деген пикирлерге кандай карайсыз?

- Мындай ойдон алысмын. Тетирисинче, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, жогорку балл алгандар жыл өткөн сайын көбөйүп, билим берүүнүн сапаты да жогорулап баратканы кашкайган чындык. Бирок, ошол эле учурда ата-энелердин да салымы зор болуусу зарыл. Себеби, бир гана мугалимдерге бардыгын жүктөп койгондо алардын мүмкүнчүлүктөрү жетишпейт. Ата-эненин кызыкчылыгы, көмөгү, аракети болгондо гана ойдогудай ийгиликтер жаралат. Бир гана мектептин эле программасы менен ЖРТдан жогорку деңгээлдеги бааларды ала албайт. Буга кошумча репетиторлорду да тартып даярданыш зарыл болот. Ошондой эле, мектептин мугалимдеринин күчү менен жакшы жетишкендиктер да жаралууда. Союздун учурунда мугалимдердин аброю абдан бийик эле. Балдарга болгон үйдөгү тарбия да өзгөчө орунда болчу. Учурда айрым ата-энелер мугалимдерге, жадагалса балдарына да туура эмес мамиле жасагандын кесепети тийип жатат. Мисалы, мугалимдер тарабынан катуурак талап болсо эле, баласына болушуп мугалимдерди жамандаган терс адаттар жайылып кетти. Айрым ата-энелер мугалимдер менен бирдикте чогуу кеңешип, түшүнүшүп иштеген учурда чоң ийгиликтер жаралып жатканына да күбөбүз. Баткен жергесинде саамалык катары уюштурулган «Энелер мектеби» өз учурунда жайылтылып, жакшы натыйжасын берип келет. Нарын районунда да бул иш-чара жакшы жолго коюлуптур. «Энелер мектеби» жаш ата-энелерге жакшы жардамын бере баштаганын турмуш өзү көрсөтүүдө. Кээ бир ата-энелер: «Баламдын курсагын тойгузуп, кийимин алып берип, керектүү муктаждыгын жоюп койсом эле болду», - деген тар көз караш менен жүрүшөт. Чындыгында, кеп материалдык эле жагында эмес, билимине, тарбиясына чоң көңүл бурушу абзел. Ушуну түшүнгөн ата-энелердин балдары туура жолго түшүп, жакшы окуп, ийгиликтерге жетишет. Мугалимдердин аброюнун жогорулашына айлык-маяналардын жогору болушу да өз таасирин тийгизет. Бул аларга чоң стимул берип, ишке болгон кызыгуусун арттырат.

- Учурда мугалимдик кесипти чын дили менен тандаган жаштардын саны кандай? Айрыкча так илимдер-математика, физика, химия, алгебра, биология ж.б. сабактары боюнча окуп билим алган кесипкөй мугалимдер барбы?

- Кийинки жаштардын мугалимдик кесипти тандоодо кыргыз тили менен башталгыч класстын мугалимдери кесибине ээ болгондору ого эле көп. Ал эми так илимдер боюнча кесипке ээ болгон жаштар дээрлик жокко эсе, өтө эле сейрек. Так илимдер боюнча сабактарды улуу муундагы мугалимдер эле берип окутуп жатышат. Окуучуларыбыздын дарамети жетпейт дегенден алысмын. Так илимдерди мыкты билген окуучуларыбыз чет өлкөлөргө турмуш шартка байланыштуу чыгып кетүүдө. Бул көйгөйдү чечүү үчүн мамлекеттик деңгээлде программа иштеп чыгып колго албаса, кеч болуп калуу коркунучу бар. Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянсак: билим берүүнүн фундаменти мектепке чейинки билим берүү, балдар бакчасынан башталышы керек экен. Биздин мамлекеттин саясаты да ушул өңүткө бурулуп, бала бакчалардын санын жана сапатын көбөйтүү боюнча иштер кызуу жандана баштады. Биздин Нарын районунда да балдар бакчасы менен камсыздоо 48 пайызды түзүп, ал бала бакчаларда үч сааттан окутуу киргизилип, натыйжасын бере баштады. Алдыга максат коюп, буюрса 16 мектепке жана бала бакчаларга долбоорлорду жазып өткөрүүдөбүз жана ушунун бардыгы ишке ашат деген ойдобуз.

- Нарын районундагы мектептердин, балдар бакчаларынын абалы кандай жана жаңы курулуп жаткан пайдалануу берилүүчү объектилер барбы?

- Учурда биздин райондо Кеңеш айылындагы Абиров атындагы мектеп жана Эмгек-Талаа айылындагы мектеп күз айларында толук курулуп бүтүп пайдалануу берилет. Ошондой эле, Жер-Көчкү айылындагы бала бакчанын жана Дөбөлү айылындагы бала бакчанын курулушу аяктап 1-сентябрда ишке берилүү алдында турат. Ал эми көйгөйдү жараткан Кара-Чий айылындагы Иманалиев атындагы мектептин курулушу 5 жылдан бери бүтпөй, Ак-Кудук айылындагы Омор уулу Кожоке атындагы мектептин фундаменти салынып, белгисиз себептерден курулуш иштери токтоп турат. Орто-Нура айылындагы Бекжанов атындагы мектептин, Дөбөлүдөгү Токтосунов атындагы мектептин жылытуу системалары иштен чыгып, быйылкы кыштан чыгууда кыйынчылык жаратууда. Ремонттон өткөрүүгө тиешелүү акча каражаттары бөлүнбөй келет. Бардык инстанцияларга кайрылуу каттарын жөнөткөнбүз, бирок, эч жыйынтык болбой кечеңдеп жатат.

Кадыркул БУГУБАЕВ,
Нарын облусу
боюнча өз кабарчы

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

■ Абалың кандай, айылым?

ТОЮТТУН КЫМБАТТАШЫ ТОКТОЙБУ?

Биз билгенден 2014-жылы да, 2017-жылы да өлкөдө тоюттун баасы кымбаттаган жана чөп таңкыстыгы пайда болгон. Анда бир боо чөпкө болгон баа 100 сомдон 200 сомго чейин жогорулаган. Быйыл да бул көйгөй кайра жүз берди. Бирок, бир таңгак чөп 300 сомго, беде 400 сомго чейин кымбаттады. Ал эми бир жүк ташуучу унаада дүңүнөн сатылган чөп 6 миң сомдон 18 миң сомго чейин көтөрүлдү. Айылдыктардын айтымында тоютка болгон баанын мындай жогорулашы эч качан болгон эмес.

Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин берген маалыматы боюнча, 30-июнда бир таңгак чөп 255 сом 71 тыйын болсо, 7-июлга карата анын баасы 302 сом 50 тыйынды түзгөн. Ал эми самандын баасы 30-июнда 146 сом 67 тыйын болсо, 7-июлда 195 сом деп бааланган. Бул расмий маалымат болгону менен тоюттун баасы иш жүзүндө мындан бир топ кымбат болуп жатат.

Статистикалык комитеттин берген маалыматына ылайык Кыргыз Республикасында айыл жергесинде калктын 65,6 пайызы жашайт. Алардын дээрлик 90 пайызы мал кармайт. Андыктан, тоюттун кымбатташы орчундуу маселелердин бирине айланууда. Тоют кымбат болгону менен учурда мал арзан. Бирок, эттин баасы кымбат. Айылдыктар бул көйгөйгө өкмөттүк деңгээлде жөнгө салынса жакшы болмок деген пикирин билдирүүдө.

Аксы районунун тургуну Канжарбек НУРАЛИЕВ:

- Аксы районунда табигый чөптөрдүн бир таңгагы 200 сомго чейин, беденики 400 сомго чыкты. Былтыр табигый чөптүн таңгагы 70 сом эле болчу. Баанын мындай кымбатташы чөп тартыштыгынан улам болуп жатат. Кургакчылык болуп, беде сепкендер да жакшы тоют даярдаша албады. Базарга келген чөптү малы көптөр ээлеп алып, “канча сом болсо да сатып алам”,- деп 400 сомго чейин көтөрүп алышты. Баа кооптонуу менен атаандаштыктын негизинде да көтөрүлүп жатат.

Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча бөлүмүнүн жетекчиси Руслан КАЗАКОВ:

- Чөптүн баасы быйыл кымбат болууда. Муну кургакчылык болуп, чөп тартыштыгы жаралгандыгынан деп жатабыз. Быйыл 1 гектар жерден 150-170 таңгак чөп алынууда. 2020-жылы 250-260 таңгак чөп алынган. Андыктан, тоютту мол алуу үчүн дыйкандар жерди кайра даярдоону колго алышы керек болуп турат.

“Кыргыз жайыты” жайыт пайдалануучулардын улуттук ассоциациясынын башчысы Абдималик ЭГЕМБЕРДИЕВ:

- Тоюттун кымбатташынын эки себеби бар деп ойлойм. Биринчиси, быйыл ысык болгонунан тоют өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү өтө төмөн болду. Экинчиден, элибизде малдын саны көбөйүп, тоютка талап көп болууда. Дагы бир себеп азыркы учурда бардык нерсе кымбаттоодо, ошого байланыштуу тоют саткандар да кымбаттатууга аргасыз болууда. Бул маселе көп жылдан бери топтолуп келген көйгөй. Эгер көңүл бурбасак мындан ары мал багууда кыйынчылыктар жаралат.

Мисалы, 10 кой кармаган адам кыштан чыгуу үчүн 150 таңгак чөп сатып алышы керек. Бул жемден сырткаркы чыгым. 10 кой бир күндө 2 таңгакка чейин чөп жейт. Мындай чыгым мээнетти да актабайт. Ушул жылдын жаз айларында коңшу Казакстанда көптөн бери жаан-чачын жаабай, жайыттар күйүп, тоют жок болуп жатканы айтылган. Казакстандын Ветеринария дирекциясы май айынын аягында Мангистау облусунда 1100 жылкы ачкалыктан өлгөнүн кабарлаган. Бул көйгөй коңшу өлкөдө дале улануууда.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

■ Кыңыр иш - кырк жылда

САЛЫКЧЫЛАР 43 КЫЗМАТКЕРИН ЖООПКО ТАРТТЫ

КРнын Мамлекеттик салык кызматына жыл башынан бери жарандардан 128 кайрылуу жана даттануу келип түшкөн. Андан 9 арыз ишкерлер тарабынан салык мыйзамдарынын сакталбагандыгы тууралуу маалыматтар, 47 – салык органдарынын кызматкерлеринин укуксуз иш-аракеттерине тийиштүү, 72 – ар түрдүү маселелер боюнча болгон.

Бардык кайрылуулар КРнын мыйзамдарына ылайык белгиленген мөөнөттө каралып, салык кызматкерлеринин мыйзамсыз иш-аракеттерине арыздар боюнча кызматтык текшерүү жүрүп, 20 арызда фактылар тастыкталган эмес, 24 арыз тастыкталып, дагы 3 кайрылуу – каралып жатат. Кабыл алынган чаралардын натыйжасында 43 кызматкер жоопко тартылып, анын экөөсү ээлеген кызматынан төмөндөтүлдү. 20 кызматкер катуу эскертүү, 11и сөгүш, төртөө эскертүү алды. Ал эми бир кызматкерге ээлеген кызматына толук ылайык келбөө жарыяланды, 5 кызматкер ротацияланды.

Текшерүүлөрдө салык төлөөчүлөр тарабынан салык мыйзамын бузуулар тууралуу 9 билдирүү болгон. Анын 2 арызы фактылар менен тастыкталды. 5 кайрылууда фактылар тастыкталган жок. Бир кайрылуу каралып жатат, 1 арыз эске алынды.

Жыл башынан бери Мамлекеттик салык кызматынын жетекчилигинин кабыл алуусунда 46 жаран болуп, алардын 21и жеке маселе боюнча, 24үү салык мыйзамдарындагы маселелер туурасында, бир жаран кадрдык маселе менен кайрылган.

Салык кызматы жарандардын, салык төлөөчүлөрдүн кайрылууларын өз убагында кароо максатында (0312) 61-31-89, (0779) 61-31-89 (Whatsapp) номери, info@sti.gov.kg электрондук дареги аркылуу иш алып барат. Жарандар кат жүзүндө, оозеки же электрондук түрдө кайрылышат. Салык кызматы келип түшкөн ар бир даттануу-кайрылуулар боюнча КРнын мыйзамдарына ылайык тийиштүү чараларды көрүүгө кызматтык иликтөөлөрдү, текшерүүлөрдү, рейддик салык контролун жана контролдук сатып алууну жүргүзөт.

■ Иш илгерилөөдө

147 МЛН СОМДУК САЛЫК ТӨЛӨНДҮ

2021-жылдын 6 айында салык төлөөчүлөр перифериялык түзүмдөрдүн (төлөм терминалы, мобилдик жана электрондук капчык, интернет-банкинг, банкомат) жардамы менен бюджетке 147 млн 39 миң сомго 157 миң 692 салык төлөмдөрүн жүргүзүшкөн.

Төлөмдөрдүн саны боюнча артыкчылыкка ээ болуп, калк арасында кеңири колдонулганы бул – төлөм терминалдары, алар аркылуу 117 млн 415,2 миң сомго 111 миң 158 төлөм төлөнгөн.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу интернет-банкингдин жардамы менен төлөөнүн саны да өскөндүгү байкалууда. Ал аркылуу 11 млн 211,6 миң сомго 15 миң 635 төлөм, мобилдик банкинг аркылуу – 11 млн 741,9 миң сомго 24 миң 512 төлөм жүргүзүлгөн.

Салык төлөөнүн башка инновациялык ыкмалары дагы активдүү колдонулууда. Мисалы, банкоматтар аркылуу 3,98 млн сомго 2 миң 750 төлөм, веб-кассалардан – 2 млн 638,9 миң сомго 3 миң 598 төлөм, электрондук капчык аркылуу – 44,9 миң сом суммасында 39 төлөм өткөн.

Жазгүл КАРБОСОВА

ГАГН при МЭП КР

ОБЪЯВЛЯЕТ О ПРОВЕДЕНИИ ПОВТОРНОГО АУКЦИОНА ПО ПРЕДСТАВЛЕНИЮ ПРАВ ПОЛЬЗОВАНИЯ НЕДРАМИ ПО УЧАСТКУ КАМЕННОГО УГЛЯ

№ Лота	Наименование объекта	Вид полезного ископаемого	Вид недропользования	Местонахождение объекта	Примечания	Стартовая цена объекта, долларов США
1	Участок Рамзан	Каменная уголь	геологоразведка	Аксыйский район, Джалал-Абадская область	Объект не изучен. Предлагается проведение геологоразведочных работ.	1111

Аукцион состоится **19 августа 2021 года в г. Кербен в здании райгосадминистрации Аксыйского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики.** Регистрация участников аукциона **с 10.30 до 10.50 часов.**

Всем желающим принять участие в аукционе необходимо представить документы для участия в аукционе не позднее **18.00 часов 16 августа 2021 года** в ГАГН при МЭП КР по адресу: **г. Бишкек, проспект Эркиндик, 2, кабинет №221.** Подробная информация обо всех необходимых документах для участия в аукционе содержится в «Условиях аукциона по предоставлению права пользования объектом недр».

С условиями аукциона, требованиями к участию в аукционе, а также иной информацией, касающейся аукциона можно ознакомится по интернет сайту организатора **www.geology.kg** или обратится по телефону: **90-40-40 (+1022),** а также в Управлении геологии ГАГН при МЭП КР, каб. **№210**, ежедневно **с 9.00 до 18.00 часов.**

Отчёт ОАО «МФК «АБН»

о выплате дохода по облигациям первого выпуска (рег.№KG 0201211511 от 23.12.2019 г.) за шестой процентный период, дата выплаты с 10 июля 2021 г.

Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица)	75
Общая сумма начисленных доходов (сом)	1 200 000,00
Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица)	70
Сумма выплаченных доходов, в сомах	1 155 320,00
Сумма не выплаченных доходов, в сомах	44 680,00
Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица)	5
Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.)	1 117
Причина невыплаты	не востребованы инвестором*

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО “МФК “АБН”, предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

Н-196

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей гос. акта №862009 на имя Канкулиева Курманбека Орозобековича считать недействительным.
Н-194

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (доли) ЧА №0408 на имя Кадыркуловой Кулум считать недействительным.
Н-195

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН ДЕПУТАТТЫК МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖАЙЫЛ, КЕМИН, БАКАЙ-АТА, АКСЫ, КАРА-КУЛЖА ЖАНА ӨЗГӨН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык Жайыл, Кемин, Бакай-Ата, Аксы, Кара-Кулжа жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, катталган талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жана бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдерди кабыл алышкан.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жайыл, Кемин, Бакай-Ата, Аксы, Кара-Кулжа жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча чечимдери бекитилсин.

2. Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын 2-тиркемеде көрсөтүлгөн катталган талапкерлердин тизмесинен чыгаруу боюнча чечими бекитилсин.

3. Жайыл, Кемин, Бакай-Ата, Аксы, Кара-Кулжа жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын 3-тиркемеде көрсөтүлгөн бош калган депутаттык мандаттарды шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери бекитилсин.

4. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

5. Жайыл, Кемин, Бакай-Ата, Аксы, Кара-Кулжа жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссиялары 2-тиркемеде көрсөтүлгөн жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

6. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

7. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2021-жылдын 13-июлу, №624

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы №624 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Ыйгарым укугунун токтотулушунун себеби	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы
Чүй облусу				
Жайыл району				
1	Кызыл-Дыйкан айылдык	Рыспеков Ильяс Асылбекович	Жеке арызы	№66, 28.06.2021-ж.
Кемин району				
2	Ильич айылдык	Жетенбаев Кайрат Рахымбаевич	Жеке арызы	№003, 28.06.2021-ж.
Талас облусу				
Бакай-Ата району				
3	Миң-Булак айылдык	Жумакеева Айгул Зарылыковна	Айыл башчы болуп шайлангандыгына байланыштуу	№24, 29.06.2021-ж.
Жалал-Абад облусу				
Аксы району				
4	Кашка-Суу айылдык	Камчыбек уулу Шекербек	Жеке арызы	№63, 08.07.2021-ж.
5	Ак-Суу айылдык	Анарбеков Муратбек Анарбекович	Жеке арызы	№64, 11.07.2021-ж.
Ош облусу				
Кара-Кулжа району				
6	Алайкуу айылдык	Эргешбаев Бактыбек Абдылдаевич	Жеке арызы	№21, 09.07.2021-ж.
7	Капчыгай айылдык	Арзи уулу Азизбек	Жеке арызы	№21, 09.07.2021 -ж.
8	Ылай-Талаа айылдык	Жолдошов Нурбек Жапашович	Жеке арызы	№21, 09.07.2021 -ж.
Өзгөн району				
9	Кароол айылдык	Амирбеков Алмазбек Амирбекович	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж .
10	Жылалды айылдык	Джеенбаев Улукбек Рахматиллаевич	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
11	Ийри-Суу айылдык	Курманбеков Сейтек	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
12	Чангет айылдык	Каратаев Базарали Тагаевич	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
13		Задабаев Кубатбек Манапбаевич	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
14	Зергер айылдык	Мусурманкулов Абдраким Ходжамович	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
15	Жаз айылдык	Жолоев Аватбек Идирисович	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
16	Кызыл-Тоо айылдык	Абдыкадыров Сүйүнтбек Осмонович	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
17	Мырза-Аке айылдык	Батаев Дүйшөбек Мамасаитович	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.
18	Баш-Дөбө айылдык	Зулпукаров Тумарбек Раимжанович	Жеке арызы	№92, 09.07.2021-ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы №624 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына саясий партиялардын катталган талапкерлеринин тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А.	Негиз	Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечими
Ош облусу				
Өзгөн району				
1	Зергер айылдык	Ашым уулу Ноорузбек	Жеке арызы	№93, 09.07.2021-ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 13-июлундагы №624 токтомунун 3-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Чүй облусу				
Жайыл району				
1	Кызыл-Дыйкан айылдык	Дженишбеков Тилек Дженишбекович	РУВХ	№67, 28.06.2021-ж.
Кемин району				
2	Ильич айылдык	Асанкулов Тамерлан Аманкулович	Дыйкан	№004, 28.06.2021-ж.
Талас облусу				
Бакай-Ата району				
3	Миң-Булак айылдык	Мадярбекова Мира Ажибековна	Бала бакча	№25, 29.06.2021-ж.
Жалал-Абад облусу				
Аксы району				
4	Кашка-Суу айылдык	Сатыбалдиев Аман Жакыпбекович	РЭС, мастер	№63, 08.07.2021-ж.
5	Ак-Суу айылдык	Ашырбаев Шакирбек Ашырбекович	Жеке ишкер	№64, 11.07.2021-ж.
Ош облусу				
Кара-Кулжа району				
6	Алайкуу айылдык	Турганбаев Нурлан Токтосунович	Жеке ишкер	№22, 09.07.2021-ж.
7	Капчыгай айылдык	Ибраимов Дастанбек Абдыгулович	Жеке ишкер	№22, 09.07.2021-ж.
8	Ылай-Талаа айылдык	Тоотаев Байымбет Абдимиталипович	«АРИС», адис	№22, 09.07.2021-ж.
Өзгөн району				
9	Кароол айылдык	Тургунбай уулу Улукбек	Жеке ишкер	№93, 09.07.2021-ж.
10	Жылалды айылдык	Абдраимов Кубаталы Маматжанович	ГУ Өзгөн филиалы «Кадастр», адис	№93, 09.07.2021-ж.
11	Ийри-Суу айылдык	Адишов Зулумбек Абдыгулович	Дыйкан чарба	№93, 09.07.2021-ж.
12	Чангет айылдык	Куроңов Алтынбек Жунусович	Өзгөн РЭС, контролер	№93, 09.07.2021-ж.
13		Зулпукаров Замирбек Абдыжапарович	Дыйкан чарба	№93, 09.07.2021-ж.
14	Зергер айылдык	Орозбаев Маматякуп Эрчибаевич	Убактылуу иштебейт	№93, 09.07.2021-ж.
15	Жаз айылдык	Исраилов Мирлан Камытжанович	Микрокредит компаниясынын директору	№93, 09.07.2021-ж.
16	Кызыл-Тоо айылдык	Аканов Кудайберди	Дыйкан чарба, директору	№93, 09.07.2021-ж..
17	Мырза-Аке айылдык	Бобеков Асылбек Матураимович	РУВХ	№93, 09.07.2021-ж.
18	Баш-Дөбө айылдык	Эшбаев Назарали Коргонбаевич	Жеке ишкер	№93, 09.07.2021-ж.

2021-ЖЫЛДЫН 7-ИЮЛУНДА ӨТКӨРҮЛГӨН БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН РАЙОНУНУН КАРА-БУЛАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН КАЙРА ШАЙЛООДО ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАСЫ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДОРДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2021-жылдын 7-июлунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 23-июнундагы №556 токтому менен дайындалган Баткен облусунун Баткен районунун Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоо болуп өттү.

Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна 2 талапкер – Байзаков Дарвиш Элчибекович, Кара-Булак айылдык кеңешинин депутаттарынан, Абдырахманов Замирбек Дүйшөбаевич, Баткен рандук мамлекеттик администрациясынын башчысы - акимден сунушталып катталган.

Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 2021-жылдын 7-июлундагы протоколу менен Кара-Булак айылдык кеңешиндеги 21 депутаттын 21 депутаты катышып, 1-турда: Д.Э. Байзаковго – 9 добуш, А.З. Дүйшөбаевичке – 3 добуш, «бардык талапкерлерге каршы» позициясына – 9 добуш, 2-турда: Д.Э.Байзаковго – 13 добуш, «бардык талапкерлерге каршы» позициясына – 8 добуш берилгендиги белгиленген.

Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын кайра шайлоонун натыйжасы жөнүндөгү 2021-жылдын 7-июлундагы протоколу менен Байзаков Дарвиш Элчибекович Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайлангандыгы аныкталган.

• облусунун районунун Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктарына жана шайлоонун натыйжаларына арыз, даттануулар түшкөн жок.

2021-жылдын 7-июлундагы Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу протоколдорунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Баткен облусунун Баткен районунун 2021-жылдын 7-июлунда өткөрүлгөн Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 7-июлундагы протоколдору бекитилсин.

1.1. Баткен облусунун Баткен районунун Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысын кайра шайлоо өттү деп табылсын.

1.2. Байзаков Дарвиш Элчибекович Баткен облусунун Баткен районунун Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланды деп табылсын.

2. Баткен аймактык шайлоо комиссиясы шайланган Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысына белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү тапшырсын.

3. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2021-жылдын 7-июлу, №622

